# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. № 2 чыгарылыш. Январь, 2012 ж.

Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калк тын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургуль Джаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;
***электрондук*** – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда
Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

## Мыйзам чыгаруулар тууралуу жаңылыктар

ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруулар үчүн Жогорку Кеңештин жаңы комитети жооптуу ..... 2
ЖӨБ маселелери боюнча жаңы ыйгарым укуктуу өкүл ..... 2
ЖӨБ жаатындагы саясатты иштеп чыгуу өкмөт аппаратына берилди ..... 2
Айыл өкмөт башчыларын жана шаар мэрлерин шайлоо тартиби тууралуу “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КРнын мыйзамындагы өзгөртүүлөр ..... 2
“Муниципалдык кызмат жөнүндө” КРнын мыйзамдарына өзгөртүүлөр ..... 3
Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо күнү белгиленди ..... 3
“Элдик демилге тууралуу” КРнын мыйзамы ..... 3

## Отчеттуулук

Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий дарамети ..... 4
Көңүл бур, Кыргызстан!
Бюджеттик процесстеги айкындуулук, отчеттуулук жана коомдук катышуу тууралуу Дар-Эс-Салам Декларациясы ..... 8
ЖӨБ органдарындагы коррупция ..... 11

## Жарандык катышуу

ЭКБА – Элет көйгөйлөрүн биргеликте аныктоо: жарандар менен ЖӨБ органдарынын чыныгы өнөктөштүгүнүн биринчи кадамы ..... 13
Жаштар – бул ар бир шаар жана айылдын келечеги ..... 19

## ЖӨБ кадрлары

Бир жолу өткөн окутуулардын ордуна квалификацияны жогорулатуунун туруктуу системасы ..... 22

## ЖӨБнун үнү

Бийликтин калктан алыстап кетүүсүнө бөгөт коюу. Кызыл-Кыя ..... 25

## Ресурстар

ЖӨБга донордук жардам: координация сапатты жогорулатат ..... 27

## Жамааттын пульсу

Ата-энелер үчүн класстык саат: ар бир нерсе үчүн төлөш керек, же бекер орто билим тууралуу Миф ..... 30
Жалал-Абад облусундагы Ленин айылдык аймагындагы мектеп рэкетти жеңди ..... 35
Жарандык журналистика:
Шарлотт – Нью-Йорк – Бердск – бардык жерде, же салттуу масс медиа канааттандырбай калганда, карапайым адамдар эмне кыла тургандыгы жөнүндө так аталышты издөө ..... 36

## ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруулар үчүн Жогорку Кеңештин жаңы комитети жооптуу

Комитеттин төрагасы - **Сакебаев Эркин Абдышевич**
Төраганын орун басарлары: **Кочкорбаев Абдимиталип Калдарбаевич, Узакбаев Талантбек Макишович.**
Комитет мүчөлөрү: **Исаков Эсенгул Байдалиевич, Салымбеков Мамытбай Маткабылович, Атаджанов Сабир Садыкджанович, Айтматов Куштарбек Сүйүнбаевич, Иманкожоева Эркингүл Бекбачаевна.**

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча жаңы ыйгарым укуктуу өкүл

2011-жылдын 23-декабрында КРнын Жогорку Кеңешинин "КРнын Өкмөтүнүн структурасы тууралуу" N 1452-V токтому менен КРнын Өкмөтүнүн жаңы структурасы түзүлгөн. Өз кезегинде 2012-жылдын 12-январында КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар тууралуу" N 12 токтомуна ылайык, КРнын Өкмөтүнүн алдында Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттик түзүлдү. 2012-жылдын январында КРнын премьер-министринин буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттиктин директору болуп **Нарбаев Каныбек Жайчиев** дайындалды. Агенттиктин структурасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча маселелерди караган, аймакты өнүктүрүү боюнча атайын бөлүм (департамент) болоору күтүлүүдө.

## ЖӨБ жаатындагы саясатты иштеп чыгуу өкмөт аппаратына берилди

2010-жылдын 24-декабрындагы КР Өкмөтүнүн "КРнын Өкмөтүнүн Аппаратынын туруму жана структурасын бекитүү тууралуу" №338 токтомуна 2012-жылдын 11-январында өзгөртүү киргизилди. Ага ылайык, Өкмөт Аппаратынын структурасында мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу боюнча жаңы бөлүм түзүлдү. КРнын премьер-министринин 2012-жылдын 12-январындагы буйругу менен КРнын Өкмөт Аппаратынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу бөлүмүнүн жетекчиси болуп **Шадыбеков Куванычбек Баймуратович** дайындалды.

КРнын Премьер-министринин 2012-жылдын 12-январындагы буйругу менен КРнын Өкмөт Аппаратынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары болуп **Тарбинский Олег Станиславович** дайындалды.

КРнын Премьер-министринин 2012-жылдын 18-январындагы буйругу менен КРнын Өкмөт Аппаратынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу бөлүмүнүн муниципалдык башкаруу секторунун жетекчиси болуп **Асанакунов Болот Жапарович** дайындалды. Б.Ж.Асанакунов көп жылдар бою КРнын Шаарлар ассоциациясын, андан кийин КРнын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Союзун жетектеп келген.

## Айыл өкмөт башчыларын жана шаар мэрлерин шайлоо тартиби тууралуу "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КРнын мыйзамындагы өзгөрүүлөр

2011-жылдын 30-ноябрында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына айыл өкмөт башчысын же шаар мэрин шайлоо, кызматка киришүү жана иштен бошотуу тартибине байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Айыл өкмөт башчысына жана шаар мэрине талаптар такталган (42 жана 48-беренелер). Мындан ары айыл өкмөт башчысы, же шаар мэрине талапкер мамлекеттик же муниципалдык кызматта иш стажына, же болбосо мамлекеттик билим берүү же саламаттыкты сактоо мекемелеринде эң кеми 5 жылдык тажрыйбага ээ болгон КРнын жараны гана болбостон, мамлекеттик  же муниципалдык кызматта эң кеми 2 жылдык (айыл өкмөт башчысы үчүн) жана үч жылдык (шаар мэри үчүн) иш тажрыйбасына, же мамлекеттик билим берүү, саламаттык сактоо мекемелеринде, уюмдарда, мекемелерде жана жеке менчик формасындагы айыл чарба субъекттеринде жетекчи кызматтарда эң кеми үч жыл (айыл өкмөт башчысы үчүн) жана беш жыл (шаар мэри үчүн) иш тажрыйбасына ээ болгон КРнын жараны талапкер боло алат.

Айыл өкмөт башчысынын же мэрдин шайлоонун биринчи айлампасында (43 жана 49-беренелер) шайланбай калышына байланыштуу кырдаалдар эсепке алынды.

Эгерде:

- депутаттардын жетиштүү добушуна ээ боло албаган бир гана талапкер катталса, кайра шайлоо өткөрүлөт;
- эки талапкер катталып жана экөө тең жетиштүү добушка ээ болбосо, көбүрөөк добушка ээ болгон бир талапкер боюнча шайлоонун экинчи айлампасы өткөрүлөт. Эгерде биринчи айлампада эки талапкер тең депутаттардын бирдей добушуна ээ болсо, кайра шайлоо өткөрүлөт;
- экиден көп талапкер катталса жана алардын эч кимиси депутаттардын жетиштүү добушуна ээ боло албаса, көбүрөөк добуш алган эки талапкердин ортосунда экинчи айлампа өткөрүлөт. Эгерде биринчи айлампада талапкерлердин бири көбүрөөк добушка ээ болсо, ал эми кийинки эки талапкер азыраак же бирдей добушка ээ болсо, көбүрөөк добуш алган бир талапкер боюнча экинчи айлампа өткөрүлөт. Эгерде биринчи айлампада бардык талапкерлер бирдей добушка ээ болсо, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгер депутаттар талапкерлерге караганда "баарына каршы" деген позиция үчүн көбүрөөк добуш берсе, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгер шайлоо күнүнө карата бир дагы талапкер катталбаса, же катталган талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы айыл өкмөт башчысы шайланбай калган күндөн тарта үч күндүн ичинде кайра шайлоону дайындайт. Жаңы талапкерлер катышкан кайра шайлоону аймактык шайлоо комиссиясы кайра шайлоо тууралуу жарыяланган күндөн тарта 15 календардык күндүн ичинде өткөрөт.

Эгер кворум чогулбай калып, шайлоо өтпөй калса, Борбордук шайлоо комиссиясы кайра шайлоону 3 календардык күндүн ичинде белгилейт. Мындай кырдаалда кайра шайлоо мурда катталган талапкерлер ортосунда өтөт.

Айыл өкмөт башчысын шайлоону өткөрүүнүн бул беренеде каралбаган тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жарыялайт жана тиешелүү протокол түзөт. Шайланган айыл өкмөт башчысына аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан тиешелүү күбөлүк тапшырылат.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан айыл өкмөтүнүн башчысы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан сунушталган мөөнөт учурунда шайланбай калса, Президент жергиликтүү кеңешти таркатууну ишке ашырып, тиешелүү жергиликтүү кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалат.

Премьер-министр тиешелүү жергиликтүү кеңештин жаңы курамы мэрди дайындаганга чейин мэрдин милдетин аткаруучуну дайындайт.

Райондун акими айыл өкмөтүнүн жаңы башчысын шайлаганга чейин өзүнүн тескемеси менен айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучуну дайындайт.

Ошондой эле айылдык кеңеш тарабынан айыл өкмөт башчысынын орун басарын кызматтан бошотуу процедурасына өзгөртүүлөр киргизилди (51-берене):

Айылдык кеңеш ушул Мыйзамдын 49-беренесинин 7-бөлүгүнүн 1- жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын жыйналышта катышып отурган депутаттардын көпчүлүк добушу менен отставкага кетирүү жөнүндө чечим чыгарууга укуктуу, ал чечим маселени биротоло чечүү үчүн айыл өкмөтүнүн башчысына жиберилет.

Айыл өкмөт башчысы жергиликтүү кеңештин айыл өкмөт башчысынын орун басарын ээлеген кызматынан бошотуу тууралуу сунушун 10 иш күндүн ичинде аткарбаса, айыл өкмөт башчысынын орун басары ээлеген кызматынан бошотулду деп эсептелет.

## "Муниципалдык кызмат тууралуу" КРнын мыйзамдарына өзгөрүүлөр

2011-жылдын 18-ноябрында "Муниципалдык кызмат тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына муниципалдык кызматкерлердин эмгек акысына байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди (28-берене).

Муниципалдык кызматкердин эмгек акысынын бирдиктүү системасы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жана штаттык сандын чеги тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык аныкталат.

Муниципалдык кызматкердин эмгек акысынын бирдиктүү системасы өзүнө кызматтык маяна жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кошумча акыдан турган айлык акыны камтыйт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү кеңештердин макулдугу менен, жергиликтүү бюджеттеги мүмкүнчүлүккө ылайык кызматтык маянага башка кошумча төлөмдөрдү (материалдык жардам, дарыланууда, же турак жай-коммуналдык кызматтарды төлөөдө жеңилдиктер) аныктай алат.

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо күнү белгиленди

Кыргыз Республикасынын президентинин 2011-жылдын 22-декабрдагы "Кыргыз Республикасынын Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй облустарынын жана Ош шаарынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо күнүн белгилөө тууралуу" №29 Буйругу менен Баткен облусунун Лейлек районундагы Бешкент, Маргун айылдык кеңештерине, Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим, Атай айылдык кеңештерине, Ак-Талаа районундагы Баетов, Терек, Көнөрчөк, Жерге-Тал айылдык кеңештерине, Нарын облусунун Жумгал районундагы Куйручук, Түгөл-Сай, Таш-Дөбө, Чаек, Кызыл-Жылдыз айылдык кеңештерине, Ысык-Көл облусундагы Каракол шаардык кеңешине, Чүй облусунун Токмок шаардык кеңешине, Ош шаардык кеңешине шайлоо 2012-жылдын 4-мартында өтөт.

## "Элдик демилге тууралуу" КРнын мыйзамы

2011-жылдын 16-ноябрында "Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам демилгеси тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынды. КРнын бул мыйзамы Конституциянын 79-беренесинде бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын мыйзам демилгелерине укугун ишке ашыруунун принциптерин, формаларын, кепилдиктерин, тартибин жана шарттарын аныктайт.

Кыргыз Республикасында элдик мыйзам демилгеси мындан ары он миң шайлоочуга таандык, ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи жана сегизинчи бөлүмдөрүнө өзгөртүү киргизүү тууралуу мыйзам долбооруна ылайык, эң кеми 300 миңден ашык шайлоочуга таандык болот.

Мыйзам демилгени ишке ашыруунун төмөнкү тартибин карайт. КРнын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун киргизүү тууралуу сунуш үчүн кол топтоо, КРнын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун даярдоо, киргизүү, андан тышкары долбоорду чакыртып алуу боюнча демилгечи топ түзүлөт.

Демилгечи топ жана мыйзам долбоору КРнын Юстиция министрлигинде катталат. Демилгечи топтун мүчөлөрүнө КРнын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун киргизүү сунушу үчүн чогулуштарда, массалык маалымат каражаттарында, андан тышкары жарандардын колун топтоо учурунда үгүт жүргүзүү укугу берилген. Кол топтоо мыйзам долбоорунун тексти ММКда жарыялангандан отуз күндөн кийин башталат жана жарыялангандан үч ай өткөн соң аяктайт. КРнын Жогорку Кеңеши кол топтоо бүткөндөн отуз күндүн ичинде кол топтоонун, тиешелүү кагаздардын тартиби сакталганын, жарандар тууралуу маалыматтардын жана элдик демилгени колдоп чогултулган жарандардын колдорунун тууралыгын текшерет.

КРнын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун киргизүү тууралуу сунуш үчүн жарандардын колдорун топтоонун жыйынтыгы тууралуу иш тобу чечим кабыл алат. Чечимде демилгечи топтон кабыл алынган кол коюлган барактардагы колдордун жалпы саны, туура же туура эмес деп табылган колдордун саны көрсөтүлөт.

Элдик демилгени ишке ашырууга багытталган иш-чараларга (жарандардын колун топтоо, экспертиза жүргүзүү ж.б.) даярдык жана аларды аткаруу үчүн чыгымдар демилгечи топтун каражатынын эсебинен ишке ашырылат.

Учурдагы "Элдик демилге тууралуу" мыйзамга ылайык КРнын Конституциясына өзгөртүү киргизүү тууралуу демилге көтөрүү үчүн 300 миң жарандын колу болушу керек жана мыйзамдарды кабыл алуу демилгесин көтөрүү үчүн 10 миңден аз эмес жарандын колу болушу керек. Ушул талаптар сакталганын тастыктаган чечим кабыл алынгандан тарта үч айдын ичинде демилгечи топ КРнын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун киргизет.

Учурдагы "Элдик демилге тууралуу" мыйзамда, КРнын башка нормативдик укуктук актыларында бекитилген талаптарга ылайык элдик демилгени ишке ашыруу укугунун негизинде даярдалган мыйзам долбоору "КРнын Жогорку Кеңешинин регламенти тууралуу" КРнын мыйзамында каралган тартипте КРнын Жогорку Кеңешинин милдеттүү кароосуна коюлат.

Элдик демилге укугун ишке ашыруу тартибинде жарандар тарабынан киргизилген мыйзам долбоору КРнын Жогорку Кеңеши карай электе экинчи окуудан чакыртылып алынса болот.



# Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий дарамети


**Өнүктүрүү саясат институтунун иликтөө материалдарынан**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетилгени жана жарамдуулугу, өнүккөн өз алдынча башкаруунун ажыратылгыс өнөктөшү болгон дүйнө жүзүндө кабыл алынган борбордон алыстатуу салты боюнча өлчөнөт. Бул өнөктөштөр – саясий, административдик жана каржылык автономия. Бул автономиялардын маңызы, ЖӨБнун эркиндигинин деңгээли борбордун саясий эркинен жана өлкөнү башкаруу стратегиясынан гана эмес, ошондой эле, муниципалитеттердин өзүнүн бул автономияларды колдонууга даярдыгынан, аларды жарандарга пайда алып келүү, жашоо шартын жакшыртуу, маанилүү маселелерин чечүү үчүн максималдык деңгээлде толук ишке ашыруудан көз каранды.

Андыктан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өткөн чагын, учур чагын жана келечегин адамдык өнүгүүнүн контекстинде карап жатып, биз ЖӨБ органдарынын саясий, каржылык жана кадр дараметин баалаганга аракет жасашыбыз керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадр дараметин биз “Муниципалитет” журналынын февралдагы санында карайбыз. Ал эми азырынча окурмандардын назарына 2011-2012-жылдардагы Кыргыз Республикасындагы адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладдан үзүндүлөр түрүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий дараметин сунуш кылабыз. Бул докладды Өнүктүрүү саясат институту азыркы учурда жарыялаганга даярдап жатат.

**АВТОНОМИЯ (autonomy) - өз алдынча башкаруу. Бул термин өз алдынча адамга, адамдар тобуна жана уюмга карата колдонулат.**

**Автономдук адам – өз аракеттерин өзү башкара алат. Кантка (Kant) ылайык, дал ушул нерсе адамдын акыл-эстүү аракети үчүн зарыл болгон шарт. Өз иштерин өз алдынча башкарууга жөндөмдүү уюм же жамаат автономдуу деп аталат. Өз алдынча адамдар тобу менен өз алдынча бир адамдын теңдигин аныктоо топтун жамааттык өз алдынча башкаруусу менен ушул топтун индивидуалдык өз алдынчалуулугун айырмалоо зарылдыгынын айынан татаалдашат. Ушул нерсе Руссонун (Roussean) жазууларында белгиленген. Адамдын өз алдынчалуулугунун идеялары эркиндик (freedom) идеялары менен тыгыз байланышта. Мисалы, өз алдынча аракеттенүү үчүн мага, балким (эркиндиктин айрым аныктамалары боюнча), ушул тапта колумда болбогон ресурстар зарыл. Ушундан улам ошол ресурстарга жетүү менин эркиндигимдин жана өз алдынчалуулугумдун чегин кеңейтмек.**




**1-сүрөт (солдо). 1-сүрөт. Шаар же кыштактарда бийлик иш жүзүндө кимдин колунда болгону тууралуу пикир, %**

**Таблица 1 (төмөндө). Бийлик ЖӨБ органдарына таандыкпы - ЖӨБ кызматкерлеринин жана калктын пикирлери, %**

| Облус | ЖӨБ пикири | Жаран пикири |
|---|---|---|
| Баткен | 35,0 | 24,6 |
| Жалал-Абад | 69,2 | 50,9 |
| Ысык-Көл | 55,0 | 78,7 |
| Нарын | 81,0 | 71,1 |
| Ош | 81,8 | 43,1 |
| Талас | 50,0 | 42,7 |
| Чүй | 75,8 | 86,6 |

Мыйзамдык ыйгарым укуктарды, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыйзамдык саясий автономиясын убактылуу четте калтырып, ЖӨБ органдарынын саясий дараметин ЖӨБнун кызматтарын колдонгон калк жана саясий автономиянын алып жүрүүчүсү болгон ЖӨБ органдары кандай кабыл алаарына көңүл буралы. Бул ракурс өзүн актайт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызынан чыгат. Анткени Конституцияга ылайык, өз алдынча башкаруу укугуна ээ болгон жарандар саясий автономиянын тереңдигин жана деңгээлин аныктай алат жана аныкташы керек. Мыйзам да Конституция тарабынан аныкталган багытта өнүгүп, жарандардын ЖӨБ тууралуу түшүнүгүн айкын чагылдырышы керек жана алардын күтүүлөрүнө жооп бергидей болушу шарт. Андыктан, ЖӨБ системасын куруууда, борбордон алыстатууну жүргүзүүдө, адегенде жарандардын каалоо жана талаптарын эсепке алыш керек. Буга чейин ЖӨБ тууралуу мыйзам иштеп чыгууда бул нерселер эске алынбай келген.

Алгач жарандардын жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин пикири боюнча Кыргызстандын шаар жана айылдарында чечим кабыл алуу укугу жана бийлик кимге тиешелүү экенин аныктап алуу зарыл. Жарандардын жарымынан көбү иш жүзүндө бийлик ЖӨБ органдарына тиешелүү деп эсептейт, ал эми 13% бийлик жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана анын башчысы – акимдин колунда деген ишенимде турат.

1-сүрөттө жарандар жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бийлигин ар башка баалай турганын көрүүгө болот. Ушундан улам "ажырым" пайда болууда, жергиликтүү маанидеги маселелерди толугу менен чечебиз деп ойлогон ЖӨБнун өкүлдөрүнүн саны 67% болсо, ушундай деп жарандардын 51% гана жооп берген. Ошол эле учурда, облустар арасында пикирлер ар башка болуп чыккан. Мисалы, ысыккөлдүк ЖӨБнун өкүлдөрү өзүн "баалабаса" (ЖӨБ органдарында бийлик көп деп эсептеген жарандар көбүрөөк), оштук ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өздөрүн ашыкча баалайт (бул жакта ЖӨБ органдары толук бийликке ээ деген жарандардын саны эки эсе аз болуп чыкты).

Ошол эле учурда жарандар өз оюнда бийликти жергиликтүү мамлекеттик администрация гана эмес, ошондой эле бай жердештерине, кылмыш дүйнөсүнө, бейформал лидерлерге, күч структураларына, жада калса диний лидерлерге да "берет" экен. Буга ылайык, Ош жана Баткен облустарынын сурамжылоого катышкан тургундарынын үч пайызга жакыны аймактарда бийлик иш жүзүндө диний лидерлердин колунда деген пикирде (1-таблицаны караңыз).


Географиялык алкактан алып караганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бийликти "берген" учурда олуттуу айырма өзгөчө көңүлдү бурат. Буга ылайык, ЖӨБ органдарынын чыныгы бийлигине эң аз ишенгендер Баткен облусунда жана Ош шаарында жашайт – 25 жана 31 пайыз. ЖӨБнун бийлигине көбүрөөк ишенгендер Чүй облусунда (87%), Ысык-Көл облусунда (79%) жана Нарын облусунда (71%) жашайт. Өзгөчө көңүл бурчу факт: дал ушул Чүй жана Ысык-Көл облустарында Адамдын өнүгүүсүнүн индекси эң жогорку деңгээлде (бул тууралуу кененирээк 2012-жылдын жаз айында жарыялана турган Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладдан окуңуз).

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ич ара бийликти бөлүштүрүүсү жарандардын ой-пикириндеги аткаруучу бутактын – жергиликтүү кеңештердин ролун төмөндөтүүдө. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы көп убакыттан бери төмөнкүчө ойлонуштурулуп жана түзүлүп келген: акыркы чечимди калктын кызыкчылыктарын чагылдырган жана коргогон орган катары жергиликтүү кеңештин депутаттары эмес, тиги же бул маселеде мамлекеттик бийликтин өкүлдөрүнөн (премьер-министр же жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынан) көз каранды болгон аткаруучу органдын башчысы кабыл алган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын (кеңештердин) ролунун мыйзамда да, башкаруу практикасында да жыйырма жылдан берки тарыхында улам азайып жатышы жарандардын жергиликтүү кеңештерди бир өңчөй кабыл албай калышына алып келди. Жарандардын 30 гана пайызы жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы жогорку бийлик кеңештерге тиешелүү деп эсептейт. Ал эми жарымына жакыны – 47% бийлик толугу менен ЖӨБнун аткаруучу органдарына жана анын башчыларына тиешелүү деп эсептейт. (2-сүрөттү караңыз).

**2-таблица. Жергиликтүү тургундардын шаарларда жана айылдарда бийлик иш жүзүндө кимге тиешелүү болгону тууралуу пикирлери, %**


| Облустун аты | КР | Баткен | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй | Ош | Бишкек |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ЖӨБ органдарына | 50,7 | 24,6 | 50,9 | 78,7 | 71,1 | 43,1 | 42,7 | 86,6 | 31,2 | 27,8 |
| Акимге | 12,7 | 45,5 | 21,1 | 2,2 | 15,5 | 5,9 | 8,3 | 8,4 | | 8,7 |
| Криминалга | 4,5 | 3,0 | 4,1 | 1,5 | 1,0 | 2,1 | 1,0 | | 19,4 | 11,9 |
| Бейформал лидерлерге | 4,2 | 1,5 | 3,1 | 2,9 | 1,0 | 5,3 | 20,8 | 1,3 | 6,5 | 3,2 |
| Байларга | 5,7 | 6,7 | 2,8 | 8,8 | 1,0 | 4,7 | 15,6 | | 9,7 | 10,7 |
| Диний лидерлерге | 0,9 | 3,7 | | | | 3,2 | | | | |
| Милицияга жана прокуратурага | 4,1 | 5,2 | 1,9 | 0,7 | 1,0 | 1,5 | 6,3 | 0,4 | 1,1 | 16,7 |
| Эч кимге | 7,3 | 9,0 | 4,1 | 1,5 | 2,1 | 19,1 | 4,2 | 0,8 | 9,7 | 6,0 |
| Башка | 0,5 | 0,7 | 1,6 | | | | 1,0 | 0,4 | 1,1 | |
| Билбейм, жооп бере албайм | 9,4 | | 10,4 | 3,7 | 7,2 | 15,2 | | 2,1 | 21,5 | 15,1 |

**2-сүрөт. ЖӨБда "ким башчы" тууралуу жарандардын ой-пикирлери, %**




Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин аткаруучу бутагы кимдин чечимдерин кабыл алыш керектиги тууралуу жарандардын пикирлери ар бир облуста ар башка. Мисалы, Талас облусунун тургундарынын көбү – 70 пайызы жергиликтүү кеңештер деп туура эсептешет. Ал эми Баткен облусунда кеңештер жогорку бийликке ээ деп эсептегендер эки эсе аз. Жарандардын басымдуу бөлүгү аткаруучу орган өз чечимдерин аткарат десе, аткаруучу органга буйрукту берүү укугуна жергиликтүү мамлекеттик администрация ээ деп эсептегендер да аз эмес.

**3-сүрөт. ЖӨБнун аткаруучу органдары кимдин чечимдерин аткараары тууралуу жарандардын пикирлери, %**




ЖӨБ органдарынын кызматкерлерине алардын оюу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу кайсы деңгээлде иштеши керек, башкача айтканда муниципалдык кызматтар кайсы жерде көрсөтүлүшү керек деген суроо узатылды. Жооптор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызына төп келет – шаар жана айылдардын деңгээлинде – ЖӨБнун 83 пайыз кызматкери ушундай пикирде экендиги 4-сүрөттө жооптор аркылуу көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда ЖӨБ органдарынын ар бир онунчу кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкарууну райондун деңгээлине которууга даяр болгону, муну менен калктан муниципалдык кызматтар тууралуу түшүнүгүн ажыратууну каалаары тынчсыздандырат. Адистер мындай пикир басым саясатынын жана райондук мамлекеттик администрациянын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үстүнөн карап турганынын кесепетинен улам пайда болду деген ойдо[1].

**4-сүрөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу кайсы деңгээлде иштеши керектиги тууралуу муниципалитет кызматкерлеринин пикирлери, %**




Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын кысымы чындыгында эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн олуттуу жана көйгөйлүү маселе бойдон калууда. Жергиликтүү мамлекеттик администрация өкмөттүн өкүлдөрү катары алар тиешелүү аймактагы бардык маселелерди, анын ичинде мыйзам боюнча ЖӨБ органдарынын гана карамагына өткөрүлүп берилген жергиликтүү маанидеги маселелерди да чечүү боюнча өздөрүн жогорку бийликке ээ деп эсептешет. Мындн тышкары райондук деңгээлдеги жергиликтүү мамлекеттик администрация ЖӨБ органдарын өзүнүн аймактык бөлүмү катары кабыл алышат. Жада калса жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчисине карата мыйзамсыз аракеттерди колдонушат, мисалы сөгүш жарыялашат. Бул болсо өтө кеңири тараган кадыресе катары кабыл алынган көрүнүшкө айланды[2].

**Кыргыз Республикасында райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчылары мыйзамдарды, өз милдеттерин жана ыйгарым укуктарын билишпейт. Мисалы, мага, ЖӨБнун башчысы катары, ЖМАнын башчысы сөгүш жарыялады. Мен ага "сиз мени жазалай албайсыз, менин кызматым саясий, ал эми сиз менин иш берүүчүм эмессиз" деп жооп кайтардым. Бирок ЖМАнын башчылары дайыма эле бизге сөгүш жарыялаганга аракет жасай беришет. Менин ишенимимде мен жергиликтүү жамаатка жана жергиликтүү кеңешке гана отчет беришим керек. Эгерде ЖМАнын башчысы менин кемчиликтеримди же каталарымды кандайдыр бир жол менен көрсөткүсү келсе, ал бул тууралуу жергиликтүү кеңешке маалымдашы керек, бул маселени депу-**

[1] Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштери боюнча Улуттук агенттиктин алдындагы Коомдук байкоочу кеңештин маалыматы боюнча.
[2] 2011-2012-жылдарга Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында жүргүзүлгөн иликтөө, Өнүктүрүү саясат институту.


**таттар карайт. Же ыйгарым укуктуу органга, прокуратурага кайрылсын. Бирок ал өзү түздөн түз мага басым жасабашы керек, мен анын кол алдындагы кызматкери эмесмин. Бирок бул менин жеке позициям, менин бардык эле кесиптештерим - ЖӨБнун башчылары – акимдердин кысымына туруштук бере албайт. Көпчүлүк бул сөгүштөрдү унчукпай эле кабыл алат. Мына ошентип жашап келатабыз: чечимдердин жакшы үлгүсүн көрсөтө ала турган жана көрсөтүүгө милдеттүү болгон ЖМАнын башчысы өзү мыйзамдарды билбегенин, аларды четке какканын билдирүүдө.**

**ЖӨБнун мурдагы башчысы менен маектен**

Жериликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын ушундай жол менен баш ийдирүүдө төмөнкү нерсе чоң ролду ойнойт: ЖӨБ органдарынын башчылары ар кандай ыйгарым укуктардын негизинде түрдүү аудиториялардын алдында отчет берет: мамлекеттик, өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар жана аралаш боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, өз милдеттери боюнча жамаатка. Бирок 2010-жылдагы Конституциялык реформага карабастан ЖӨБ тууралуу жаңы мыйзамда сакталып калган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилерин дайындоо системасы жергиликтүү мамлекеттик система тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга кысым жасоо үчүн кошумча аракеттерди түзүп жатат.

Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилери жергиликтүү жамаат алдында гана чыныгы отчет бере турган болсо, ЖӨБнун эффективдүү иштөөсүнө бут тосуп жаткан саясий автономиядагы бир топ кемчиликтер жоюлмак. Мында же жергиликтүү кеңештер депутаттар тарабынан шайланышы керек, же түздөн түз шайланышы керек. Башкача айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчиси кандай жол менен өз кызматына жетсе, бийликтин булагы кимде болсо, отчеттуулук да, аны менен бул жетекчинин эффективдүү иши да көз каранды болмок. Андыктан акыркы жылдары ЖӨБ системасынын алдында бир суроо курч турат: шайлообу, же дайындообу? (5-сүрөттү караңыз)?

**5-сүрөт. ЖӨБ башчысын шайлообу, же дайындообу? %**






Өлкө жарандары негизинен шайлоо жолун колдошууда – жалпысынан 76 пайызы, алардын 60 пайызы шайлоо түз болушу керектигин айтса, 16 пайызы кыйыр түрдө, жергиликтүү кеңештердин депутаттары аркылуу өтүшүн каалайт. Сурамжылоого катышкандардын 20 пайызы гана ЖӨБнун башчыларын мамлекеттик органдар дайындашы керек деп эсептешет. Облустарды салыштыра келгенде да окшош. Болгону Баткен жана Чүй облустарынын тургундары өзгөчөлөндү: Баткендин тургундарынын 30 пайызы шайлоо жергиликтүү кеңештер аркылуу өтсүн десе, Чүй облусунун тургундарынын 30 пайызы мамлекеттик органдар тарабынан дайындалышы керек дейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий дараметине баа берүүнү жыйынтыктап жатып, калк жергиликтүү өз алдынча башкаруудан көбүрөөк саясий өз алдынчалуулукту, жергиликтүү маанидеги маселелерди дагы да эффективдүү чечүү үчүн саясий автономияны күчөтүүнү күтүп жатканын белгилей кетүү зарыл. Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чоң саясий автономияга толугу менен даяр эместигин айтышат, алар жарандардын талаптарын канааттандыруу үчүн жергиликтүү жамааттын алдында отчеттуулукту күчтөндүрүүгө муктаж. Мунун бардыгы ЖӨБнун деңгээлинде мамлекеттин, жада калса жергиликтүү мамлекеттик администрациянын катышуусуз, чыныгы шайлоо системасына кайтуу чечимине түртүп жатат. Шайлоонун формасы болсо жамааттан көз каранды.

Борбордон алыстатуу стратегиясын иштеп чыгууда өзгөчө көңүлдү Баткен облусуна буруу зарыл. Анткени бул жактагы калктын басымдуу бөлүгүндө бийликти диний лидерлерге берип койо турган адамдарга карматуу маанайы байкалат.

Эгерде биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талап кылынган саясий автономияга ээ болгонун элестетсек, анда суроо жаралат: алар муниципалитетти көз карандысыз башкарууга, жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүүгө даярбы? Бул тууралуу “Муниципалитет” журналынын жаңы санында окуңуз.

# Көңүл бур, Кыргызстан!

**2011-жылдын этегинде Танзаниянын борбору Дар-Эс-Салам шаарында бюджеттик айкындуулук, отчеттуулук жана жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун Башкы Ассамблеясы өттү. Форумга 56 өлкөдөн жана 12 эл аралык уюмдан 100гө жакын адам катышты. Алар Бюджеттик процесстеги айкындуулук, отчеттуулук жана коомдук катышуу тууралуу Декларацияга кол койду.**

**Өнүктүрүү саясат институту жарандык коомдогу бардык уюмдардын, ошондой эле улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги башкаруу органдарынын көңүлүн Дар-Эс-Салам Декларациясына буруу зарылдыгын белгилейт. Анткени документте бюджеттик маалыматты ачуу жаатында мамлекеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жарандык коомдун кызматташуусунун маанилүү жана актуалдуу принциптерин камтыйт.**

**Бул Декларация Кыргызстан үчүн өз убагында түзүлгөн документ болуп калды. Анткени акыркы учурда өлкөдө коомчулук мамлекеттик жана муниципалдык каржынын кандай башкарылып жатканына көңүл бурууда, бюджеттин айкындуулугун талап кылган демилгелер күчөөдө. Коомдун алдыңкы катмары бюджеттик процесске катышуусунун жана коомдук каражатты чыгымдоону көзөмөлдөөнүн маанисин сезе баштады. Декларацияда көрсөтүлгөн принциптер бул иште туура багыт алууга жардам берет.**

**Ушул тапта Декларация интернетте төмөнкү даректе сакталган:**

**http://www.makebudgetspublic.org**

**жана аны физикалык да, юридикалык да тараптар ала алат.**

**Өнүктүрүү саясат институту бюджеттик айкындуулугуна, коомдук каражатты акыйкат жана эффективдүү башкарууга кызыкдар болгондорду Декларацияга кошулууга чакырат. Анткени документте көрсөтүлгөн принциптерге канчалык көп жарандар жана уюмдар колдоосун билдирсе, ошончолук анын саясий салмагы артат жана бюджеттик маалыматты ачыкка чыгаруу процессинде өкмөткө жана башкаруу органдарына таасири ошончолук күчтүү болот.**

# Бюджеттик процесстеги айкындуулук, отчеттуулук жана коомдук катышуу тууралуу Дар-Эс-Салам Декларациясы

## Биз кимбиз?

Биз – жарандардын катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган ачык-айкын мамлекеттик бюджет жана бюджеттик процесстер адамдын бардык укуктарын – жарандык, социалдык, экономикалык, маданий жана ыңгайлуу айлана чөйрөгө укугун ишке ашыруу үчүн өзгөчө маанилүү деп эсептеген, бул ишеним бүт дүйнөдөгү пикирлештердин башын бириктирген жарандарбыз жана жарандык коомдун уюмдарбыз.

Акыркы он беш жылда биз мамлекеттик бюджеттердин айкындуулугун арттыруу жана коомчулукту бардык деңгээлдеги бюджеттик процесстерге тартууну камсыздоо үчүн окудук, иштедик жана күрөштүк. Биз жарандык коомдун катышуусу бюджеттик процесстин, кабыл алынган чечимдердин жана жетишилген натыйжалардын сапатын бир кыйла жакшыртаарын, бул болсо адамдардын жашоосун бир топ жакшы жагына өзгөртөөрүн далилдедик.

## Биздин глобалдык кыймылдын баалуулуктары

Мамлекеттик бюджеттер жарандардын төлөдөрүнүн, ошондой эле мамлекеттик активдерден түшкөн пайданын эсебинен түзүлөт. Ушундан улам биздин кыймылдын негизги прицибине ылайык, мамлекеттик бюджет жаатында чечим кабыл алуу процессине катышуу бардык жарандардын фундаменталдык укугу жана милдети деп эсептелет.

Биз социалдык теңдикти, калктын өзгөчө аярлуу тобунун укуктарын жана ыйгарым укуктарын

кеңейтүүнү ар бир аракетибизде теңдик принцибине таянуу менен ишке ашыруу үчүн аракеттенип келебиз.

Биз өз ара ынтымак жана теңдик приципитерин карманып, касталык, расалык, диний, этникалык, жыныс арасында бөлбөйбүз.

Биз буга чейин топтогон жамааттык тажрыйбабыз тууралуу ачык айтып, ар тараптуу жана ийкемдүү болгонубузга сыймыктанабыз. Биз көрсөткөн жана колдогон демилгелер биздин тажрыйбабызга негизделген жана конкреттүү ар бир кырдаал үчүн өзгөчөлүк каралган.

Биз кыймылдын бардык мүчөлөрү арасында горизонталдык кызматташтыкты баалайбыз жана өнүктүрөбүз.

Биз өз кыймылыбызда акыйкаттыктын жогорку стандарттарын сактоого сөз беребиз жана саясий партиялардан, өкмөттөн, эл аралык уюмдардан, ММКдан жана бизнестен көз карандысыз болгонубузду жарыялайбыз.

Биз дүйнө жүзүндө бюджеттик процесстин айкындуулугу, отчеттуулугу жана коомдук катышууну жайылтууга учур келгенине терең ишенебиз. Бул максатта биз бирдиктүү көз караштын, бирдиктүү принциптердин, так талаптардын жана чогуу аракеттенүүлөрдүн программаларынын айланасында биригип жатабыз.

## Биз көргүбүз келген дүйнө

Адатта жарандар жана өзгөчө калктын эң аярлуу катмарынын өкүлдөрү мамлекеттик бюджет тармагында чечим кабыл алуу процессинен четте калып келет. Биздин баамыбызда, мындай көрүнүштү өзгөртүү зарыл жана мүмкүн. Бул үчүн төмөнкү негизги принциптерге таянуу керек:

– Мамлекеттик бюджеттер ачык-айкын болуш керек. Бул демек мамлекеттик каражаттар кантип түзүлөөрү, бөлүштүрүлөөрү, чыгымдалаары жана эсептелээри тууралуу маалымат өз убагында кеңири коомчулукка толук деңгээлде жетип турушу керек.

– Бюджеттик процесстер инклюзивдүү болушу керек, башкача айтканда бардык жарандарга мамлекеттик каражат тууралуу маалымат алуу укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берип, аларды мамлекеттик каражатты түзүү, бөлүштүрүү жана башкаруу тууралуу чечим кабыл алуу процессине катыштырып, чечимдерге таасир этиши керек.

– Бюджеттер жакырчылык менен күрөшүү жана социалдык теңдикке жетүү үчүн эффективдүү, натыйжалуу жана акыйкат түзүлүш керек жана чыгымдалыш керек.

– Бюджеттик маалымат так болушу шарт жана белгилүү коомдук баалоолорго негизделиши керек. Ал мамлекеттик каражаттардын мурда белгиленген артыкчылыктуу багыттары боюнча чыгымдалышы керек, муну менен коррупция жана эффективдүү эмес башкарууга жол бербеши зарыл.

– Бюджеттер толук болушу керек – анда кайдан чыкканына карабастан мамлекеттин кирешеси жана чыгашасы, анын ичинде эл аралык жардамдар, жарым жартылай мамлекеттик фонддор, ошондой эле тышкы жана ички карыздар камтылышы шарт.

– Бюджеттер туруктуу болушу керек: алар мамлекеттик каражатты узак мөөнөттүү пландар үчүн, учурдагы жана келечектеги муунга пайдалуу долборлор үчүн колдонууну камсыздаш керек.

– Бюджеттердин аткарылышы тууралуу отчеттор өз убагында жана кечиктирилбестен өкмөттөгү бардын деңгээлдерде берилип турушу керек.

– Бюджеттерге дайыма мониторинг, көзөмөл жүргүзүлүп, алар мыйзам чыгаруучу бийлик, ички жана тышкы аудит органдары, ММК жана жарандар алдында жоопту болушу керек.

## Биз чакырабыз:

### Бардык өкмөттөр – улуттук жана регионалдык:

Маалымат алуу, анын ичинде бюджеттик маалымат алуу укугун таануу; мыйзамдын негизинде муну бекитүү, ишке киргизүү жана анын аткарылышын камсыздоо.

– Жарандарды жана башка кызыкдар тараптарды, анын ичинде жарым-жартылай мамлекеттик фонддорду, салыксыз төлөмдөрдүн эсебинен түзүлгөн фонддорду бюджеттик артыкчылыктарды аныктоо ишине активдүү тартуу.

– Өзөктүү бюджеттик бери дегенде сегиз документти өз убагында жарыялоо жана коомдо талкуулоо: бюджетке чейинки арыздар, аткаруучу бийлик тарабынан сунушталган бюджеттин долбоору, жарандык бюджет, бюджеттин аткарылышы тууралуу учурдагы отчеттор, жарым жылдык отчет, жылдык отчет, андан тышкары аудитордук отчет.

– Мамлекеттик финансы каражаттар жана мамлекеттик финансы институттар, анын ичинде формалдуу түрдө бюджеттик процесстин тышында деп эсептелгендер тууралуу ар тараптуу отчет берүү.

– Бюджеттик документацияга жана бюджеттик процесстерге мамлекеттик салык жана экономикалык саясатты ишке ашыруу үчүн колдонулган бардык ресурстарды (алар кайдан чыкканына карабастан) киргизүү.

– Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагынын жана финансылык көзөмөл органдарынын өкмөттөн көз карандысыздыгын камсыздоо жана аларга өз дараметин жогорулатуу үчүн жетиштүү ресурс берүү, муну менен алардын көзөмөлдөө функциясын эффективдүү аткаруусун камсыздоо.

– Бюджеттик маалыматты бардык мүмкүн болгон ыкмалар менен жеңил жана жеткиликтүү формада жарыялоо жана таратуу, анын ичинде маалыматтардын санарип түрүндө ачык болушун камсыздоо, интернет, коомдук китепканалар, маалыматтык борборлор ж.б. жерлерде таратуу.

### Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы:

– Өзүнүн конституциялык милдеттерин атка-

руу үчүн өз дараметин жогорулатуу – бул адегенде өзүнүн, же өкмөттүн эмес, калктын кызыкчылыктарын көздөө дегенди билдирет.

– Бюджетке байланыштуу чечимдерди кабыл алууда жана бюджетти коомдук угуулар жана кайрылуулар аркылуу ишке ашыруу процессинде жарандардын кеңири катышуусун камсыздоо үчүн мүмкүн болгон чараларды колдонуу.

– Алынган кирешелер жана алардын туура, же туура эмес колдонулуп жатышы тууралуу өкмөттөн отчетту талап кылуу.

### Финансылык көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик органдарга

– Өзүнүн көзөмөл функциясын ишке ашырууда дараметин жогорулатуу, муну менен мамлекеттик ресурстарды колдонуу маселесинде өкмөттүн отчеттуулугун камсыздоо.

– Жарандык коомдун уюмдары менен социалдык аудитти ишке ашырууда тыгыз кызматташуу.

– Мамлекеттик чыгашаларды, анын ичинде жарым жартылай мамлекеттик фонддорду, салыксыз төлөмдөрдүн эсебинен түзүлгөн фонддорду ишке ашыруу принциптерин даярдоодо мамлекеттик каражаттардын туура эмес колдонулушун ашкерелөө жана алдын алуу максатында жарандык коом жана бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы менен тыгыз кызматташуу.

– Өкмөттүн ишмердүүлүгүн көз карандысыз текшерип туруу жана бекитилген мамлекеттик бюджетке ылайык мамлекеттик каражаттардын түзүлүшү жана колдонулушу тууралуу өкмөттөн отчет талап кылуу.

– Бардык мамлекеттик фонддордун, анын ичинде бюджеттен сырткаркы фонддордун отчеттуулукту камсыз кылуу функциясын толук аткарышы үчүн аларды текшерип туруу.

### ММК

– Мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматты таратууда коомдун кызыкчылыгы үчүн иш алып баруу жана бул маалыматты жарандарга түшүнүктүү жеткирүү ишин камсыздоо.

– Мамлекеттик каражатты колдонууга байланыштуу мониторинг жүргүзүп туруу жана каражаттын максатсыз пайдаланылганы тууралуу маалыматтарды жарыялоо.

– Жарандык коом менен жарандардын бюджеттик процесске катышуусу мамлекеттик каражатты эффективдүү башкарууга түрткү болгону тууралуу мисалдарды көрсөтүү.

– Жарандык коом уюмдары жана жарандар менен кызматташуу, алардын бюджеттик мониторингдин жыйынтыктарын таратуу жана талкуулоо ишинде шарт түзүү.

### Эл аралык мамлекеттик мекемелер жана донорлор:

– Жарандардын жана башка кызыкдар тараптардын бюджеттик процесске кеңири жана компетенттүү катышуусун колдоо.

– Өкмөттөн өз жарандары алдында отчет беришин талап кылуу.

– Өкмөт менен кызматташуу жана аларга мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматты өз убагында жарыялоо жана чыгаруу ишинде колдоо көрсөтүү, коомдун катышуусу менен процесстерди өнүктүрүү жана отчеттуулуктун жогорку стандарттарына умтулуусун камсыздоо.

– Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы жана финансылык көзөмөлдөө органдары менен кызматташуу, алардын көзөмөл функциясын мындан да эффективдүү аткаруусу үчүн, андан тышкары өкмөттүн отчеттуулугун камсыздоо үчүн бюджеттик маалыматты өз убагында жарыялоо максатында колдоо көрсөтүү.

– Өкмөткө бюджеттик система жана процесстер менен айкалышкан алар тараптан көрсөтүлүп жаткан чет элдик донордук жардам тууралуу өз убагында, так, ар тараптуу маалымат берүү.

– Өзүнүн айкындуулугун жана отчеттуулугун, ошондой эле өз өлкөсүндөгү өкмөттөрдүн айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо үчүн өз тажрыйбаларын улам-улам жакшыртуу.

### Жарандарга жана жарандык коомдун өкүлдөрүнө:

– Социалдык акыйкаттык жана адам укуктарын ишке ашырууну камсыздоо боюнча өз ишмердүүлүгүндө бюджеттик анализ, мониторинг жана адвокация аспаптарын колдонуу.

– Бийликтин аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынан мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматты талап кылуу жана бюджеттик маселеде өзүнүн сабатын жогорулатуу.

– Бюджеттик процесске катышууда өз укугун таануу жана коргоо.

– Маалымат алуу тууралуу мыйзамды кайсы жерде гана болбосун ошол жакта колдонуу жана ал жок болсо, анын кабыл алуусун талап кылуу.

– Биздин кыймылга кошулуу.

Биз бардык өкмөттөрдү жана кызыкдар тараптарды дүйнө жүзүндөгү адамдардын укугун толук камсыздоо иши, комчулуктун тартылышын камсыздоочу айкын, ачык бюджеттик практика үчүн глобалдык нормаларды жана стандарттарды бирге кеңешип орнотууга чакырабыз.



# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы КОРРУПЦИЯ

**Өнүктүрүү саясат институтунун иликтөө материалдары**

Акыркы бир нече жылдан бери[1] түрдүү уюмдар тарабынан өткөрүлүп келаткан коомдук пикирди билүүнүн жыйынтыктарына ылайык, бийликтин элге көбүрөөк жакын бутагы катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишеним жетишерлик деңгээлде жогору болчу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калк ишениминин рейтингинде диний уюмдар, бейөкмөт сектор жана массалык маалымат каражаттарынан кийинки эле жогорку сапта турчу. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жогорку ишенимдин болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш, анткени калкка жакын болгону үчүн ЖӨБ органдарында кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу, бир нерсени уурдап, мунун билинбей калуу мүмкүнчүлүгү азыраак.

Чындыгында айылдык аймактын башчысы, же чакан шаардын мэри ошол аймактын тургундарынан жаңы унааны, үйдүн ремонтун, жада калса жаңы дарбазанын курулушун жашырып койо албайт. Андыктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин жана башчыларынын киреше көлөмү – бул балким өлкөдөгү башкаруу органдары тууралуу эң ачык каржылык маалымат. Ошол эле учурда ЖӨБ органдарынын башчылары жана кызматкерлери аймак тургундарынын аларга мамилеси алардын ишине түздөн түз таасирин этээрин жакшы түшүнүшөт. Белгилей кетчү жагдай, 2010-жылдагы апрель окуяларынан кийин айылдык аймактардын 30 пайызга жакын башчысы кызматынан алынган. ЖӨБнун бир дагы терс аракети көзөмөлдөөчү органдар тарабынан да, коомчулук тарабынан да жазасыз калбайт.


Ошол эле учурда ЖӨБ органдарынын башчылары бардык тарабынан алганда эң корголбогон саясий жетекчи бойдон кала берүүдө. Аларды дайындаган райондук акимдер коррупция менен күрөштүн жыйынтыгын көрсөтүү үчүн ЖӨБнун башчыларын оңой эле курмандыкка чалышат. Мындан тышкары кээде райондук мамлекеттик администрациянын долбоорлору жана максатсыз керектөөлөрү үчүн жергиликтүү бюджетти колдонууга мажбурлоо менен башчыларды мыйзам бузууга түрткөн учурлар бар. Мунун бир мисалы – мурдагы бийлик учурунда жергиликтүү бюджеттин эсебинен облуста көп кабаттуу турак-жайларды жана бизнес борборду курганы үчүн Чүй облусунун башчыларына каршы прокурордук аракеттер. Башчылар жогору жактан тапшырмадан улам объекттерди куруу үчүн жергиликтүү бюджеттен акча бөлүшкөн. Ошол эле маалда Чүй облусундагы айыл көчөлөрүнө, бала бакчаларга, мектептерге жана башка социалдык инфраструктураларга акча жетпей калган. Бирок райондук акимдер мажбурлап жатса, алар оңой эле баш ийбей койо алмак беле?

Эмесе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары калктын ишенимине жана колдоосуна абдан муктаж, коррупциялык аракеттерде чектелүү, бирок өзүнөн жогору жакта турган органдардын кысымына дуушар болуп келет. Мына ушундай жеңил эмес кырдаал түзүлдү.

## ЖӨБдагы коррупциянын деңгээли

Иликтөөлөргө[2] ылайык, сурамжылоого катышкандардын 18 пайызы гана ЖӨБ органдарындагы коррупциянын деңгээлин эң жогорку деп баалашкан. 38 пайызы коррупциянын деңгээлин орточо деп баалашкан. Сурамжылоого катышкан жарандардын 20 пайызы ЖӨБ органдарында коррупция такыр жок деп эсептейт (1-сүрөттү караңыз. ЖӨБнун аткаруу органдарындагы коррупциянын деңгээлин баалоо, %).

**1-сүрөт. ЖӨБнун аткаруу органдарындагы коррупциянын деңгээлин баалоо, %**





[1] "Калктын маанайы" аттуу IRI уюмунун социологиялык сурамжылоосу, 2009.

[2] 2011-2012-жылдарга Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында жүргүзүлгөн иликтөө, Өнүктүрүү саясат институту

Элет тургундарына салыштырмалуу шаардыктар коррупция көрүнүшүнө үч эсе көбүрөөк күбө болушат: шаардыктардын 33% ЖӨБдагы коррупциянын деңгээли өтө жогору деп эсептейт, ал эми элеттиктердин 10% гана ушундай деп жооп берген. Ошол эле учурда ЖӨБда коррупция такыр эле жок, анткени ал жакта уурдай турган эч нерсе жок деп эсептеген элеттиктердин саны төрт эсе көп (13,5%), ушундай пикирдеги шаардыктар 3,7 пайызды түзгөн. Сурамжылоого катышкандардын пикири боюнча, эң коррупцияланган деп Бишкектин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аталган – баш калаанын сурамжылоого катышкан тургундарынын дээрлик жарымы жергиликтүү өз алдынча башкарууда коррупция өтө жогору десе, 20% аны орточо деп баалаган. Жалал-Абад, Ош жана Талас облустарынын жарымына жакыны да ЖӨБ органдарындагы коррупциянын деңгээлине орточо деген баа берген.

**3-сүрөт. Жарандар кызмат алууда белек, же параны канчалык такай берүүгө мажбур?, %**




Алынган маалыматтардын негизинде ЖӨБ органдарына карата ишенимдин регионалдык рейтингин сунуш кылса болот. Ага ылайык, тургундардын олуттуу бөлүгү же ресурстар болбогону үчүн, же кызматкерлердин жана башчылардын таза болгону үчүн ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептешет. Бул рейтинг Ош облусунун ЖӨБ органдарына карата жарандардын ишеними эң төмөнкү деңгээлде болгонун көрсөтөт. Ишеним рейтингинин эң жогорку тепкичинде Ысык-Көл облусу турат. Бул жакта калктын 40% жакыны Ысык-Көл облусунун ЖӨБ органдарына ишенет.

Ошентсе да сурамжылоого катышкан Кыргызстандын жарандарынын жарымынан көбү ЖӨБ деңгээлинде коррупция болгонун белгилешет. Коррупция конкреттүү кайсы учурда билинет?

## ЖӨБдагы коррупция көрүнүшү

3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, жарандар ЖӨБ органдары менен коррупциялык аракеттерге керектүү справкаларды алганда (21,2%), ишке орношкондо (20,7%), муниципалдык жерди же объектти ижарага алганда, же сатып алганда (18,2%), балдарды билим берүү мекемелерине орноштурганда (17,1%) барат. Муниципалдык мүрзөдөн орун алуу зарылчылыгы пайда болгондо да, азыраак коррупциялык аракеттер байкалат.

## Кеңеш ЖӨБдагы коррупция менен күрөшүүнүн фактору катары

ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө калк тарабынан көзөмөл жүргүзүүнүн бир механизми – жергиликтүү кеңештер. Алардын милдетине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине толук көзөмөл жүргүзүү жана отчет талап кылуу кирет. Бул тапшырманы жергиликтүү кеңеш канчалык деңгээлде аткарып жатат? Жергиликтүү кеңеш ЖӨБнун аткаруучу органдарынын ишин көзөмөлдөйбү? Калктын үчтөн бир бөлүгү бул тууралуу билбейт. Сурамжылоого катышкандардын үчтөн бир бөлүгү жергиликтүү кеңештин депутаттары аткаруучу органдын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт, бирок бул ишти начар аткарат деп эсептешет. 14% гана жергиликтүү кеңештин өз функцияларын аткаруусуна канааттанат. Географиялык алкактан караганда, Баткен облусунун тургундарынын 30%кеңеш ЖӨБнун ишин толук жана эффективдүү көзөмөлдөйт деп эсептейт. Чүй жана Ош облусунун тургундарынын арасында жергиликтүү кеңештин өз функциясын аткаруусуна канааттангандардын саны 8%гана түзгөн.

## Жарандар ЖӨБдагы коррупцияга чыдоого даярбы?

Борбордук башкаруу органдарына салыштырмалуу жергиликтүү өз алдынча башкарууда коррупция жалпысынан төмөн болгонуна карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу чечкен маселелер өтө жөнөкөй: бул – справкалар, мүрзө, же жер. Жарандар бул нерселерге байланыштуу коррупциялык аракеттерге катышууну туура деп эсептейби? Сурамжылоо көрсөткөндөй, ага катышкандардын 80% жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө коррупциянын болушун сынга алышкан.

**1-таблица. Жергиликтүү кеңештердин ЖӨБнун аткаруу органдарын көзөмөлдөгөнү тууралуу жарандардын пикирлери, %**

| Область | КР | Баткенская | Джалал-Абадская | Иссык-Кульская | Нарынская | Ошская | Таласская | Чуйская | Ош | Бишкек |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Да, в полной мере и эффективно | 13,8 | 28,4 | 13,8 | 14,7 | 19,6 | 13,8 | 19,8 | 8,8 | 8,6 | 7,9 |
| Должны, но делают это плохо | 35,2 | 26,1 | 31,1 | 36,0 | 45,4 | 27,0 | 52,1 | 49,6 | 38,7 | 30,6 |
| Должны, но им не дают | 14,1 | 15,7 | 16,7 | 4,4 | 22,7 | 17,6 | 14,6 | 9,7 | 15,1 | 10,7 |
| Это не их обязанность | 6,9 | 2,2 | 11,9 | 1,5 | 6,2 | 10,3 | 8,3 | 3,8 | 5,4 | 4,8 |
| Не знаю или затрудняюсь ответить | 30,0 | 27,6 | 26,4 | 43,4 | 6,2 | 31,4 | 5,2 | 28,2 | 32,3 | 46,0 |

# ЭКБА (PRA) – Элет Көйгөйүн Биргеликте Аныктоо – жарандар менен ЖӨБ органдарынын чыныгы өнөктөштүгүнүн биринчи кадамы



**Айнура Балакунова, Анара Мусаева,** Өнүктүрүү саясат институту

### Калктын пикирин билүү эмне үчүн пайдалуу?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкдар тараптар жана калктын катмарлары менен диалог түзө албаса, жергиликтүү маанидеги иштер чечилбейт. Чечимдердин, ири долбоорлордун тагдыры, социалдык-саясий маанидеги бардык аракеттер жана жалпысынан эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзгөн саясат шаардын же айылдын тургундарынын колдоосунан көз каранды. Мындан да эффективдүү болуу үчүн органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердүүлүгү калктын аброюн жана күчүн эсепке алганда ушулардын пикирине таянышы керек. Мында эки принципиалдуу суроо каралышы керек:

**жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик процессте жана жергиликтүү маанидеги маселелерди уюштурууда же аларга байланыштуу чечимдерди кабыл алаарда, коомдун пикирин эске алабы?**

Демократиялык коомдо бул эки суроого тең жооптор "ооба" болуш керек. Бирок иш жүзүндө кыйынчылыктар пайда болот. Бир тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу калктын артыкчылыктуу кызыкчылыктарына жана талаптарына жооп бериши керек. Мындай учурда ЖӨБ органдары чечим кабыл алуу ишине – түз же кыйыр түрдө – кеңири коомчулукту тартканга аракет жасашат. Бирок экинчи жагынан кабыл алынган чечимдер компетенттүү болуп, маселени чечүүгө багытталышы зарыл.

Калктын пикирин билүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чыгымдарын пландаштырып, колдогу ресурстарды рационалдуу колдонууда калктын колдоосуна ээ болушу абзел. Калктын пикирин билүү жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калкты аралаштыруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз функцияларын жана милдеттерин эффективдүү аткарууга көмөктөшөт. мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алар көрсөткөн кызмат тууралуу калктын пикиринен кабардар болуп турат. Коомдук пикирди иликтөөнүн жардамы менен калк жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишенимин же ишенбестигин билдире алат. Андыктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук пикирди эсепке гана албастан,





өзүнүн ички ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, ошол пикирди оң жагына өзгөртө алат.

Эгерде жамаат алардын пикири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү болгонун сезсе, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү ишине активдүү катыша баштайт. Бул болсо жарандарга адегенде кайсы маселелерди биринчи болуп чечүү керектигин жана аны кантип чечүү керектигин өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгүн берет. Чечим кабыл алуунун жолдорун сунуш кылуу менен калк жергиликтүү жамааттын өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликтин кайсы бир бөлүгүн өзүнө алат. Жоопкерчиликтин мындай жол менен бөлүштүрүлүшү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн диалог түзүүдө жана ресурс табууда абдан пайдалуу болот.

## Ресурстардын таңкыстыгы учурунда артыкчылыктардын пайдасы

Ресурстар дайыма чектелүү болот. Бул өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде байкалат. Анткени бул бюджеттик системанын борборго байланганы менен байланыштуу. Жөнөкөй тил менен айтканда акча дайыма эле тартыш. Мамлекеттик башкаруу органына да, муниципалитетке да тартыш болуп келет. Дегеле дүйнөдөгү бардык бюджеттерге акча жетишпейт, анткени адамдын керектөөлөрү аларды канааттандырганга караганда тезирээк көбөйөт. Буга байланыштуу адегенде кайсы керектөө үчүн акча бөлүү зарыл деген суроо пайда болот. Же кайсы маселе – артыкчылыктуу. Ушундан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттерди башкаруу учурунда дайыма артыкчылыктуу багыттарды тандоого мажбур. Башкача айтканда ЖӨБ органдарын жана калкты каражатка жараша жашоого көндүрүш керек жана жергиликтүү бюджеттин кирешелүү бөлүгүн көбөйтүүнүн жолдорун издөөгө үйрөтүш керек. Дыкат пландаштырылган капиталдык чыгымдар айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө каржылоо булагын табууга жардам берет.

## ЭКБА деген эмне (PRA)?

Бүгүнкү күнү чечимдерди кабыл алып, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына көзөмөл жүргүзүүдө эффективдүү жолдорду жана ыкмаларды аныктоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен калктын кызматташуусунун оптималдуу механизмин табуу маселеси кабыргасынан турат. ЖӨБ органдары менен калктын биргелешип иш алып баруусунун мааниси чоң болгонуна карабастан бул маселени чечүүнүн эффективдүү механизмдери сунушталбай келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиги тараптан бул тарапка уруна берет. Бир жагынан популисттик кадамдар үчүн коомдук пикир менен ойноо байкалса, экинчи жагынан социалдык-экономикалык пландоого байланыштуу маанилүү маселелерди чечүүдө, ири инновацияларды алдыга чыгарууну камсыздоодо, жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча маанилүү чечимдерди кабыл алууда коомдук пикир толугу менен колдонулбайт.

Түрдүү топтордун кызыкчылыктарын чогултуу максатын көздөгөн атайын методикаларды колдонуу – замандын талабы. Ушундай инструменттердин бири – Элет көйгөйлөрүн биргеликте аныктоо - ЭКБА (Priority Rural Assessment – сөзмө сөз которгондо: элеттик артыкчылыктарды баалоо) методикасы. Бул методикага биргеликте жергиликтүү маалыматты топтоо, аны анализдөө жана пландоо процесси кирет.

ЭКБА (PRA) – бул адамдарга өзүнүн турмуштук тажрыйбасын анализдөөгө, алынган тажрыйба жана билим менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берген ыкма жана жолдордун дайыма жаңыланып турган тобу. ЭКБАнын жардамы менен элеттиктер жана шаардыктар өз артыкчылыктарын аныктап, алардын турмуш шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алышат.

ЭКБА – бул ар бири өз максатын көздөгөн төмөнкү иш-чаралардын комплекси:

- кырдаалды иликтөө;
- көйгөйдү аныктоо;
- маселенин анализи: байланышы жана аны чечүү жолдору;
- артыкчылыктуу маселелерди аныктоо;
- артыкчылыктуу маселелер боюнча макулдашуу;





- маселени чечүү боюнча аракеттенүү планын иштеп чыгуу.

## ЭКБАны колдонуу практикасы – элеттик саламаттык комитеттери

Кыргыз Республикасында ЭКБАны колдонуу жамаат өз жашоо шартына көзөмөлдү күчөтүүгө жарамдуу деген ишенимге негизделген. Бирок муну үйрөнүү үчүн жамааттарга узак убакыт бою мотивация жана колдоо керек. Бул айыл тургундарынын саламаттыгы мисалында кантип иштээрин көрөлү.

Бардык жамааттарда эле үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ) жана фельдшердик-акушердик пункттар (ФАП) алгачкы медициналык-санитардык жардамды көрсөтөт. Ушундан улам өз саламаттыгын башкарууда жамаатка алгачкы колдоону камсыздоодо ҮДТ менен ФАП идеалдуу инструмент болуп бере алат. Кийин алар жарандардын саламаттыгын бекемдөөгө багытталган иштерде жамааттардын өнөктөшү болуп кала алат. Андыктан ЭКБАны өткөрүү боюнча иштер адегенде ҮДТ менен ФАПка "байланып" калган. Алардын жардамы менен жамааттар саламаттыкты бекемдөө маселелери боюнча адегенде өзүнүн артыкчылыктуу маселелерин анализдешкен. Иштн адамдар үчүн өзгөчө олуттуу болгон маселелер боюнча баштоо абдан маанилүү болчу. Ошондой гана кырдаалда алар өз убактысын жана күчүн сарптоого макул болушкан. Ошондой эле адамдардан алардын артыкчылыктуу маселелерин сурамжылоо учурунда ҮДТ менен ФАПтын ортосунда тең укуктуу өнөктөш мамилелер түзүлдү. Бул мамилелер сергек жашоого үйрөткөн мугалим менен аны уккан студенттин мамилесине такыр окшогон жок.

Анализ ЭКБАны (PRA) колдонуу менен өткөрүлдү. Анын жыйынтыгында саламаттыкка таасирин тийгизген факторлор, көп кездешкен жана олуттуу дарттар аныкталды. ҮДТ жана ФАП ушундай анализди жүргүзүүгө көмөктөштү.

Адатта, анализ кошуна жашаган он адамдан турган топтордо жүргүзүлөт жана дээрлик бардык айылды камтыйт. ҮДТ менен ФАПтын кызматкерлерин ЭКБАнын (PRA) инструментин колдонууга үйрөтүү өзүнө айылдын тургундарына өнөктөш болууда кантип аракеттенүү керектигин үйрөтүү ыкмасын камтыйт. Анткени мындай дал ушундай мамилелер жамаат менен иш алып барууда негизги болуп эсептелет.

ЭЭКБАларды өткөрүүнүн натыйжасында Элеттик саламаттык комитеттер (ЭСК) – бул өз айылында саламаттыкты сактоо боюнча иштерди координациялаган ыктыярчылар тобу. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын бардык облустарында 1517 ЭСК, алардын 70 пайызы бул облустардагы айылдарда иштеди[1]. ЭСК 43 райондук саламаттыкты коргоо боюнча комитеттерде (РСК) топтолгон. 2010-жылы бул РСКлар биргелешкен ЭСКнын кызыкчылыктарын коргоо боюнча ЭСК Улуттук ассоциациясын (ЭСКУА) түздү. Айыл деңгээлинде ЭСК жамааттарды ооруларды алдын алуу, вакцинацияга байланыштуу маалымдоо иштерин жүргүзүп, анонимдүү аракетердин тобун түзүп, мончолорду уюштуруп, эмчек эмизүүнүн жана туура тамактануунун пайдасы тууралуу кабарлап, гипертония менен ооругандарды аныкташат.

2010-жылдан тарта ЭСК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын байланыштары бекемдей баштады (мисалы, Нарын облусунда ЭСКнын 53 пайызы ЖӨБ менен тыгыз кызматташса, Таласта бул 68 пайызды түзгөн). Ошентсе да бул процесс азырынча көп деле активдүү жүргөн жок. Анткени ЖӨБнун бардык эле органдары ЭСКны теңата өнөктөш катары кабыл алууга даяр эмес. Анын үстүнө ЭСК ЖӨБга саламаттыкты сактоого байланыштуу суроо, сунуштары менен көп кайрылат. ЖӨБнун көпчүлүк башчыларынын баамында, бул нерселер алардын ыйгарым укуктарына кирбейт. Ошол эле учурда ЖӨБнун алысты көрө билген башчылары адамдардын саламаттыгы – жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүнүн башкы фактору экенин түшүнүп, ЭСК менен тыгыз кызматташууда. Мисалы, ЭСКнын долбоорлоруна өз үлүшүн кошуп, жада калса гранттар жөнүндө сөз болгондо каржылайт. Ошол эле учурда көпчүлүк ЭСКлар ЖӨБ менен коомдук демилгелер боюнча да кызматташат (мисалы, айылды тазалоо иштеринде).

**ЭКБА-иш-чараларынын катышуучулары (элет көйгөйлөрүн биргеликте аныктоо)**

| АА аталышы | Иш-чаралар саны | Катышуучулардын саны | Алардын ичинен аял | Алардын ичинен - суралгандар |
|---|---|---|---|---|
| **Иванов** | 15 | 801 | 431 | 381 (178 аял) |
| **Ленин** | 6 | 539 | 237 | 295 (180 аял) |
| **Төрт-Күл** | 30 | 728 | 225 | - |
| **БАРДЫГЫ** | 51 | 2068 | 893 | 676 (358 аял) |

**ЭКБА иш-чараларынын жүрүшүндө аныкталган айыл калкынын эң маанилүү көйгөйлөрү**

| Иванов АА | Ленин АА | Төрт-Күл АА |
|---|---|---|
| Таза суу | Сугат суу | Сугат суу |
| Таштанды | Таза суу | Жолдордун абалы |
| Сугат суу | Жумушсуздук | Мектептердин абалы |
| Көчө жарыгы | Таштанды | Эс алуу жайдын жоктугу |
| Клубдун жоктугу | Бала бакчалардын жоктугу | Таштанды |
| Жолдордун абалы | Жолдордун абалы | Бала бакчалар |
| Бюджет тууралуу маалыматтын жоктугу (суралгандардын 43%ы коомдук угууга катышкысы келет ) | Суралгандардын 90,5% түрдүү маселелер боюнча коомдук угууга катышкысы келет | Бюджет тууралуу маалыматтын жоктугу |

[1] Талас, Нарын, Чүй, Ош жана Баткен облустарында ЭСК түзүлүшү Кыргыз-Швейцар-Швед (KYSSHP) саламаттык долбоору тарабынан, ал эми Ысык-Көл жана Жалал-Абад обустарында түзүлүшү USAID «Здрав+» долбоорун тарабынан колдоого алынган.

## Колдонуу практикасы – бюджеттик процесс

Калкты бюджеттик процесстерге катыштыруу максатында “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту ЭКБАнын сурамжылоо жана сессиялар өңдүү түрдүү инструменттерин жана ыкмаларын үч пилоттук айылдык аймакта – Ивановка (Чүй облусу), Ленин (Жалал-Абад облусу) жана Төрт-Күл (Ысык-Көл облусунда) – колдонду. Түрдүү ыкмалар менен жергиликтүү жамааттар кырдаалды иликтеп, көйгөйдү талдап, артыкчылыктуу маселелерин аныктады.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоо жана алар боюнча чечим кабыл алууга жамааттарды тартуу боюнча 51 иш-чара өткөрүлүп, ага 2068 адам катышты. Алардын 893ү аялдар.

Жамааттын муктаждыктарын биргеликте иликтөөнүн алкагында биринчи кезекте чечиш керек болгон негизги көйгөйлөр аныкталды.

Калктын керектөөлөрүн иликтөөнүн ыкмаларын билүүнүн артыкчылыгын толугу менен түшүнүү үчүн Өнүктүрүү саясат институту ЭКБАнын түрдүү варианттарын колдонуп көрүүнү чечти.

**Ивановка айылдык аймагында:** максаттуу аудитория - аялдар, жаштар, ишкерлер, дыйкандар, жумушсуздар, пенсионерлер, жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрү - үчүн сессиялар. Артыкчылыктарды жана себептерин аныктоо, кырдаалды жакшыртуу үчүн бирдиктүү аракеттерди пландоо үчүн калк жана активисттер менен жалпысынан 11 жолугушуу өттү. Аны менен кошо артыкчылыктарды аныктоо үчүн сурамжылоо жүрдү. Маанилүүсү, калктын көйгөйлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоодо жолугушуулардын жыйынтыгы менен сурамжылоонун жыйынтыгы окшош натыйжаны көрсөттү.

**Ленин айылдык аймагында:** сурамжылоо жүргүзүлүп, андан кийин аныкталган көйгөйлөрдүн себептерин иликтөөдө жана аны чечүү үчүн план иштеп чыгуу үчүн эки жолугушуу өттү. Жолугушууда сурамжылоонун жыйынтыктары тастыкталды.

**Төрт-Күл айылдык аймагында:** артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү планын иштеп чыгуу үчүн 26 жолугушуу өттү. Төрт-Күлдө жолугушуулар эч бир социалдык топко байланбастан, айылдык аймакта жашаган калк менен өттү.

Эмесе, өзүнүн артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо менен жамааттар аны чечүү үчүн себебин, кесепеттерин жана чечүү жолун билүү үчүн анализдеп чыкты. Өзгөчө көңүл колундагы ресурстарга бурулду. Аткарылган иштин натыйжасында маселени чечүү боюнча бирдиктүү аракет планы иштелип чыкты. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жарандарды аралаштыруу үчүн демилгечи топтор түзүлдү. Демилгечи топторго жергиликтүү жамааттын лидерлери, айыл өкмөтүнүн аппаратынын өкүлдөрү жана айылдык кеңештин депутаттары кирди. Демилгечи топтун ишин координациялоо милдетин айыл өкмөтүнүн аппаратынын өкүлдөрү жана айылдык кеңештин депутаттары алды. Бул топтордун андан аркы иш-аракеттеринин ийгилиги жана туруктуулугу алардын нормативдик актыларда кандай жана кантип бекитилгендигинен көз каранды болот.

Жамааттардын иш формасын жана ыкмаларын жергиликтүү нормативдик укуктук акты менен аныктоо маанилүү. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана бюджеттик процесске калкты катыштырууну камсыздоодо ЖӨБ органдары менен демилгечи топтордун жана жергиликтүү жамааттардын ишине талаптар айылдык аймактын Уставына киргизилет деп күтүлүүдө.

## ЭКБА менен социологиялык сурамжылоолорду салыштыруу

ЭКБА – иш-чаралар комплекси калктын бардык катмарларына жетүүгө жардам берет жана муну айылдык аймактын аппаратынын кызматкерлеринин күчү менен өткөрүү мүмкүнчүлүгү бар.

Сурамжылоо – коомдук пикирди сурап билүү процедурасы олуттуу илимий базага ээ. Заманбап илимий методикалар чындыкка көбүрөөк жакын болгон жыйынтыкты алууга шарт түзот. Социологиялык сурамжылоо жүргүзүү менен калктын орточо пикирин гана билбестен, ошол эле учур-





да сурамжылоого катышкандарды жаш курагына, профессионалдык, улуттук өзгөчөлүгү боюнча да бөлүп кароого болот. Бул болсо жаңжал учурунда зарыл болгон чечимди кабыл алууга жардам берет. Ошол эле учурда бул варианттын кемчилиги да бар – аны өткөрүү чыгымдуу. Анкетаны иштеп чыгуу жана калктын жообун алуу кыйын деле эмес. Бирок жоопторду анализдөө тажрыйбаны жана ресурстарды талап кылат. Бул нерселер ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкарууга жетишпей жатат. Андыктан бул эки ыкманы салыштыруудан кийин Өнүгүү саясат институту ЭКБА-иш-чараларын колдонууну туура көрдү. Ошол эле учурда практика көрсөткөндөй, ЭКБА ыкмасынын бир топ артыкчылыктары болгонуна карабастан, кемчиликтери да көп болгону аныкталды. Анда ошол артыкчылыктарына жана кемчиликтерине кененирээк токтололу.

### ЭКБАнын артыкчылыктары жана кемчиликтери:

Артыкчылыктары:

- Сурамжылоого караганда калк үчүн да, ЖӨБ органдары үчүн да көбүрөөк көнүмүш ыкма;
- колдонууда жөнөкөйрөөк (жалпылаштырылган жыйынтыктар фасилитатор менен бекитилип, буга атайын даярдалган адистердин кереги жок);
- түз жолугушууларда жана жамааттык талкууларда калк өз артыкчылыктарын жана көрсөтүлгөн кызматтар боюнча ЖӨБ органдарынын ишине бааны ачык берет;
- бетме-бет баарлашууда алынган маалымат зарыл болгон өзгөчө жана индивидуалдык деталдар менен коштолот, ал эми сурамжылоо же анкета толтуруу учурунда бул мүмкүн эмес;
- жолугушуунун активдүү катышуучулары маселени талкуулоодо анын себептерин ошол замат аныктап, маселени чечүү жолун сунуш кылат. Жалпы эл алдында пикирин билдирүүгө аракет жасоо менен кийин маселени чечүүдө (кийинки аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашырууда) активдүү катышуучу - кичи топтордун лидерлери аныкталат;
- жолугушуудагы баарлашуу маалымат алмашуунун, калк жана ЖӨБ органдарынын кайра байланышуунун жолу;
- баарлашууга жана кызматташууга эмоционалдык жактан даярдык, өз пикирин жеткирүү каалоосу жана суроолоруна жооп алуу аракети бийлик органдарына болгон ишеничти бекемдейт;
- аймактын аткаминерлеринин гана эмес, депутаттардын дагы катышуусу чечимдер муниципалитетте бир добуштан эле кабыл алынбай турганын көрсөтөт;
- депутаттардын катышуусу алардын жамаат алдындагы аброюнун жогорулатып, депутаттар да өз ролун жакшыраак түшүнүүсүнө түрткү болот;
- сурамжылоону даярдоо, анализдөө иштерине караганда бир топ аз чыгашалуу ыкма.

Ушундай олуттуу артыкчылыктарына карабастан белгилүү бир **кемчиликтери** да бар (практикадан аныкталган же болжолдуу):

- бардык иш-чараларда "дүжүр активисттердин" катышуусу;
- айылдык аймактын белгилүү бир аймагынын (айылдык аймактын борборунан алыс жакта жайгашкан жерлердин) каалоолору жана артыкчылыктары билинбей калышы мүмкүн;
- калк менен ушундай жолугушууларды үзгүлтүксүз өткөрүп туруу боюнча айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештин мотивациясы болбошу мүмкүн;
- калк менен эффективдүү жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештин өкүлдөрүнүн билими жана тажрыйбасы жетишсиз болушу ыктымал.

Жакыныраак карай келгенде жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер уюштуруучулук мүнөзгө ээ болгонун жана алардын төмөнкүдөй оор эмес кадамдар менен жоюу мүмкүн экенин байкоого болот:











- ЖӨБ органдарын жана калкты ынандыруу жана окутуу;
- иш-чараларды биргелешип өткөрүү (үйрөтүү жолу менен билимин бекемдөө);
- калкты чечим кабыл алууга, анын ичинде бюджеттик процесске аралашууга көндүрүү: ТАЛАПТЫ камсыздоо – жарандар өз укуктарын билет жана сапаттуу СУНУШ – ЖӨБ органдары эмне үчүн жана кантип дегенди билет жана калкты башкарууга тартат;
- калкты чечим кабыл алууга тартуу боюнча мыйзам тарабынан талапты күчөтүү (улуттук жана жергиликтүү деңгээлде).

## Кийинки кадамдар – айылдык жолугушуулар жана бюджеттик иш-чаралар

ЭКБАнын жардамы менен жамаат артыкчылыктуу маселени аныктап, анын себептерин билгенден кийин түрдүү топтордун артыкчылыктары ортосунда чыныгы атаандаштык жүрөт. Башкача айтканда, аймактагы бир айылдын тургундары үчүн башкы артыкчылык таза суу болсо, башка айыл үчүн таштанды чыгаруу маселеси көйгөйлүү деп эсептелет. Же болбосо аялдар үчүн бала бакчада кошумча топ ачуу маанилүү болсо, ишкерлер үчүн бизнес жүргүзүү үчүн бош муниципалдык жерлерге инвентаризация жүргүзүү башкы орунда турат. Ал эми бюджет бирөө эле жана каражат жетишсиз. Андыктан аймактын жамааттары чечим кабыл алышы керек – кайсы маселени биринчи кезекте чечүү үчүн каражат бөлүү зарыл. Керектөөлөрдү иликтөө боюнча жолугушуулардан кийин жыйындар (чоң чогулуштар) өтөт. Мында жарандар кеңешип, кайсы маселени биринчи кезекте артыкчылык берүү керектигин чечишет.

Айыл-айыл, кварталдык жыйындар (чогулуштар) – калктын пикирин жалпылоонун жана артыкчылыктарды аныктоонун маанилүү кадамы. Жыйындар эффективдүү, ал эми аларды чечүү иши милдеттүү мүнөздө болуш үчүн тиешелүү нормативдик актта чогулуштарды өткөрүүнү уюштуруу иши ийне жибине чейин белгилениши керек. Анын ичинде чогулуштарды өткөрүү тартибин аныктап алуу зарыл; чогулушка аймактагы бардык бөлүктөрдүн тургундары (кыштактардын, кварталдардын, кичи микрорайондордун ж.б.) катышаарын тактоо керек; калктын пикирин билүү жана артыкчылыктарды аныктоо иши толук кандуу болгонун билүү үчүн калктын кайсы бөлүгү чогулушка катышышы керектигин тактоо керек.

Чогулуштар жарандык катышуунун биринчи баскычын – артыкчылыктарды аныктоо – жыйынтыктайт. Андан кийин белгилүү болгон артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча бирдиктүү иш жүрөт, буга коомдук угуулардан башталган иш-чаралардын жаңы комплекси камтылган. Бирок бул тууралуу биз “Муниципалитет” журналынын февралдагы санында айтып беребиз.









# ЖАШТАР – бул ар бир шардын жана айылдын ЭРТЕҢКИСИ

**Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жаштар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чогуу кызматташканы тууралуу баяндама**

**Айнура Балакунова,** Өнүктүрүү саясат институту

### Үмүт, каалоо жана тандоо дарагы

2011-жылдын декабрында Нарындын тургундары шаардын борбордук аянтында жана медициналык колледждин имаратынын алдында таң калычтуу көрүнүшкө күбө болуп жатышты: жаштар тобу маалымат тактасына "Мен өзгөрткүм келет!" жана "Бул – мыкты!" деген жазуулар бар карточкаларды илип жатышты. Такта "Үмүт, каалоо жана шайлоонун дарагын" чагылдырып, каалоочулар ошол карточкаларга Нарындагы турмуш шартты жакшыртууга багытталган каалоолорун жазып, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ийгиликтери жана жетишкендиктери үчүн мактоо сөздөрүн арнай алмак. Акция эки жарым саатка созулуп, 200гө жакын студенттин жана 100гө жакын улуу муундун өкүлдөрүнүн көңүлүн бурду. Жаштар курдаштарын жергиликтүү кеңештеги өз өкүлдөрү аркылуу шаарды башкарууга катышуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүгү бар болгонуна ынандырган маалымат бюллетендерин таратып жатышты. Бирок бул үчүн жаштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы, мэрия жана айыл өкмөтү өңдүү аткаруу органдарынын фунциялары, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жоопкерчилиги тууралуу маалыматка ээ болушу керек.



## НАРЫН ЖАШТАРЫНЫН ЖАНДУУ ҮНДӨРҮ

**Байбагышев Табылды:** «Калктын улуу мууну унчукпай келген маселелер тууралуу дал ушул жаштар бүгүн айта алат".

**Туюкбаев Алмаз:** «Жеринде жаштар комитетинин ишин жандандырып, бул үчүн каражат бөлүү зарыл. Ошондо гана жаштарды айылда кармап калууга болот. Жаштар топторуна дем берүү үчүн сынактар уюштурулса жакшы болмок".

**Муратов Адилет:** «Анын жыйынтыгын көрүп, сезип, билүү үчүн, өз ийгилигине ишене билүү үчүн демонстрациялык долбоорлорду ишке ашырыш керек".

**Омурзаков Нурбек:** «Жаштар ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы функцияларын жана милдеттерин билиши керек. Жаштар ЖӨБ органдарынын ишин баалап, мониторинг жүргүзө алат".

**Абдыраев Мирлан:** «Жергиликтүү бюджеттер жаштар менен иштешүүгө каражат бөлүшү керек. Жаштар жергиликтүү кеңештеги депутаттардын катарын толукташы керек. Элет жергесинде маданият жана спорттун өнүгүүсүнө көңүл буруу зарыл, анткени бул жаштардын биригүүсү үчүн өтө маанилүү шарт болуп эсептелет".

**Тагаев Кубаныч:** «Көмүскөдө жаткан лидерлерди табуу үчүн жаштарды коммуникация механизмдерине үйрөтүш керек. Айыл деңгээлинде жылдык конференцияларды өткөрүү жолу менен жаштар уюмдарынын институционалдык түзүлүшүн бекемдеш керек. Уставда жазылган структура, функциялар жана шайлоо жергиликтүү жамааттын деңгээлинде болушу зарыл. ЖӨБО жергиликтүү жамааттын деңгээлинде түрдүү программаларды жана стратегияларды иштеп чыгуу процессине жаштарды тартышы керек".

**Чырмыева Айжан:** «Жаш депутаттардын саны өссө, жакшы болмок эле".

### Жаштар таза шаар үчүн

Долбоордун алкагында ишке ашырылган башка бир демилге Нарын үчүн көйгөйлүү деп эсептелген таштандыларды чогултуу жана чыгаруу маселесин чечүүгө байланыштуу болгон. 2011-жылдын декабрь айы ичинде Демилгелүү жаштар тобу "Жаштар таза шаар үчүн!" аттуу кичи долбоорду иштеп чыкты жана ишке ашырды. Кичи долбоор нарындык жаштардын көңүлүн таштандыларды чогултуу жана чыгаруу, көчөлөрдө тазалыкты сактоо жана маданияттуу жүрүм-турумга буруу максатын көздөдү. Бул үчүн шаардагы таштанды эң көп топтолгон эң булганыч жерлер сүрөткө жана тасмага тартылып алынган. Мындан тышкары уюштуруучулар "таштанды" көйгөйүн чечүү боюнча сунушту даярдоо, жаштарды Нарындын коомдук турмушуна жөн гана байкоо салбастан, ага активдүү катыштыруу үчүн бул маселелерди чечүүгө тартуу максатын көздөгөн. Андан кийин жаштарга шаарда толуп кеткен таштандыларга байланыштуу шаардыктарга кайрылуу жазуу жана аны тургундар арасында таратуу сунушталды. Кичи долбоордун негизги иш-чарасы 2011-жылдын



17-декабрында В. П. Чкалов атындагы мектепте өттү. Катышуу үчүн арызды 5 мектептин парламенти таштаган. Калыстар тобунун курамына Нарын шаарынын вице-мэри Ч.Абдраимакунова, Нарын шаардык кеңешинин вице-спикери Н. Максуталиев, КР Жаштар иштери боюнча министрликтин Нарын облустук бөлүм секторунун жетекчиси Б.Эгембердиев, Нарын облустук мамлекеттик сыналгысынын башкы редактору С. Касымов жана Өнүктүрүү саясат институтунун жаштар иши боюнча координатору, долбоордун авторлорунун бири Чырмыева Айжан кирди.

Катышуучулар калыстар тобуна кызыктуу иштерди сунуш кылышты. Натыйжада жеңүүчү деп В. Чкалов атындагы мектептин тобу табылды. Экинчи орунду Э.Ибраев атындагы мектеп ээлесе, үчүнчү орунга М.Сыдыков атындагы мектеп жетти. Мектеп командалары баалуу белектерди алды. Белек тапшырып жатып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жаштар мындан ары да шаардын коомдук турмушунан четте калбай, таштанды маселесин чечүүдө өз салымын кошот деген үмүтүн билдиришти. Балдар бийликтин өкүлдөрүнө баалуу кеңештерди беришти. Акциянын соңунда анын бардык катышуучуларына кызыл шарлар таратылды жана ар бири чечим жасашы керек болчу: таштандыга карата мамилесин өзгөртүүсү керек эле – же аны таштанды төкчү жайга таштоо, же аны ар кайсы жерде таштап, мындан ары да шаарды булгай берүү.

Сынак өткөндөн кийин долбоордун авторлору жеңүүчү үч команда менен жолугушуп, идеяны мындан ары өнүктүрүү маселесин талкуулашты. Балдар "Жаштар таза шаар үчүн!" темасында жогорку класстар жана мугалимдер үчүн жалпы мектептик жыйын өткөрүүгө жана анда сынакта жеңген сүрөт, видеотасмаларды көрсөтүүгө сунуш кылышты. Эң мыкты чогулушту өткөргөн мектеп Жаштар иштери

боюнча министрликтин Нарын облустук бөлүмүнөн баалуу китептерди (жалпысынан 25 миң сомго бааланган) алат.

### Элдин байлыгы оригиналдуу адамдар

Үчүнчү демилге – "Жаңы горизонт" кичи долбоору ("Элдин байлыгы оригиналдуу адамдарда") - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен шаар тургундары ортосундагы мамилени бекемдөөгө багытталган. Долбоордун өнөктөшү болуп Нарын шаарынын мэриясы, шаардык кеңештин депутаттары, Нарындагы ЖОЖдордун ректорлору, СУЗдардын директорлору, шаардын ММКлары чыкты. Долбоордун алкагында бир нече маселе чечилди:

- 25 жаш лидер окутулду – Нарын шаарындагы окуу жайлардын студенттери;
- жаштардын атынан эки долбоордун шаблону иштелип чыкты;
- создана инициативная группа из 8 студентов и молодых лидеров;
- Жергиликтүү кеңештин ишмердүүлүгү, ЖӨБ органдарынын жетишкендиктери жана иши, долбоор тууралуу разработан маалымат бюллетени даярдалды;
- 500 маалымат бюллетени таратылгандан кийин шаар тургундары жана студенттер көбүрөөк маалыматка ээ болду

Семинар маалында анын катышуучулары жергиликтүү кеңешке шайлоо, шаардын бюджетин түзүү, жаштардын бюджеттик процесске катышуусу өңдүү темаларга өзгөчө көңүл бурушту. Семинардын жыйынтыгында жаштардын атынан Нарын шаарынын ЖӨБ органдарынын иш-чараларына катыша турган иш (демилгелүү топ) топ түзүлдү. Семинардын катышуучулары 8-декабрда "Идеялардын жармаңкесине" катышып, өз курдаштарына идеяларын көрсөтө алышты. Эки топ "Жаштар балдарга жардам берүүдө" жана "тамекини ташта жана ден соолукта бол" аттуу долбоорлорун сунуштады. Бул долбоорлор жаштар тобунун күчү менен ишке ашырылат.

## ЖӨБнүн ЖАШТАР МЕНЕН ИШТӨӨСҮНҮН ҮЛГҮЛӨРҮ

### Дөбөлүү айылдык аймагы



### ДОЛБООР ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2011-жылдын октябрь айында Өнүктүрүү саясат институту "Сорос-Кыргызстан" фондунун колдоосу менен жаштар топтору арасында өз долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча сынак жарыялаган. Сынак жаштар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы байланышты жандандыруу, жаштарды жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу максатын көздөгөн. Сынакка Нарын, Ысык-Көл, Ош облустарынын жаштар топтору катышкан. Булардын ичинен эң активдүүсүн Нарын облусунун жаштары болду. Алар муниципалдык лидерлер мектебинде окуудан өтүп, өз долбоорлорун иштеп чыгып, аларды ишке ашыруу үчүн каржылык жардам алышты. Декабрдын соңунда облустагы жаштар тобу алынган тажрыйбаны талкуулоо үчүн регионалдык форумга чогулду. Жыйынтыгында жергиликтүү деңгээлдеги жаштар саясатына карата аналитикалык документ иштелип чыкты (www.dpi.kg), мунун принциптерин иш жүзүндө ашыруу зарыл.

"Сорос-Кыргызстан" фонду каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Жергиликтүү деңгээлдеги маселелерди чечүүдө жаштардын катышуусу" долбоорунун колдоосу менен ишке ашырылган "Жаштар көчөсү" аттуу нарындык жаштардын акциясы ушул билимдин деңгээлин жогорулатуу максатын көздөгөн. Акциянын жыйынтыгында жаштар ЖӨБ тууралуу маалыматты гана таратпастан, Нарындагы турмуш шартты жакшыртуу боюнча курдаштарынан сунуштарды да чогулта алды.

Дөбөлүү айылдык кеңешинин 8 депутаты 30 жашка чейинки жаштар. Депутаттардын жана айылдык аймактын аппаратынын демилгеси менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жаштарды тартуу маселеси талкууланган форум өткөрүлдү. Жергиликтүү кеңештин депутаттары орто мектептин окуучулары менен жолугушууну өткөрүп, окуучуларга белектерди тапшырып, балдардын жайкы лагерин уюштурушту. Дөбө айылдык аймагы жаштар уюмдары, анын ичинде "Алыш" жаштар бирикмеси менен тыгыз кызматташат. "Алыш" бирикмеси жер бөлүп берүүнү өтүнүп, аны алгандан кийин картошка эгишти. Мындан түшкөн каражат активисттерге гана пайда алып келбестен, айылдын социалдык керектөөлөрүнө да кетти.

### Нарын шаарынын мэриясы

Нарын шаарынын мэриясынын демилгеси менен Жаштар союзу жана Жаш данакер уюмдары түзүлдү. Ушул тапта шаар мэриясы "Акун" фирмасы менен студенттерди ушул фирмада практика өткөрүүсүнө уруксат берүү тууралуу сүйлөшүү жүргүзүп жатат. Ат-Башыда "Ат-Башы картошкасы" ассоциациясы түзүлдү. Бул ассоциацияны түзүү менен жаштар лизинг аркылуу айыл чарба техникасын сатып алып, Германияда өз потенциалын жогорулатып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

# Бир жолу өткөн тренингдердин ордуна квалификацияны жогорулатуунун туруктуу системасы




**Асылбек Чекиров,**
Өнүктүрүү саясат институту

Калкты сапаттуу тейлөө – муниципалдык кызматкерлердин негизги функциясы. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистеринин кызматтык милдеттерин аткаруусу алардын квалификациясынан, өз ишин аткаруу үчүн жетиштүү болгон билим жана тажрыйбадан көз каранды.

Квалификациянын деңгээли, аны жогорулатуу боюнча системалык ыкма – муниципалдык кызматты өнүктүрүү маселесин талкуулоодо өзөктүү көйгөй. Ошол эле учурда окутуу системасын эки багытка бөлүү керек: базалык окутуу жана квалификацияны жогорулатуу жана муниципалдык кызматкерлерди кайра даярдоо курстары. Өз тапшырмасына жана көйгөйлөргө ээ эки багыт тең көңүл бурууну жана анализди талап кылат. Бирок муниципалдык системаны жакшыртууга таасир этүү жагынан ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга байланышкан экинчи багыт өзгөчө кызыгууну жаратат.

### Бүгүнкү күнү муниципалдык кызматкерлердин кошумча профессионалдык окутуусу кандай уюштурулган?

Анализ көрсөткөндөй муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасын уюштуруунун бирдиктүү системасы жана эрежеси тилекке каршы жок. Ошол эле учурда ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин даярдоо деңгээли өтө эле төмөндөп кеткени байкалат. Бул биринчи кезекте акыркы жылы совет доорунда мамлекеттик кызмат системасынын уюштуруучулук жөндөмүн үйрөнгөн "эски гвардиянын" жаш курагына байланыштуу иштен кетип жатышына байланыштуу. Маянанын аздыгынан, муниципалдык кызматтын өзгөчө элет жеринде аброюнун төмөн болушунун улам жетишерлик көлөмдө даярдалган жаңы кадрлар өз кесиби менен иштебестен мамлекеттик башкаруу системасында жана бизнесте орун алууга умтулуп жатышат. Бошогон орундарды тиешелүү билими, тажрыйбасы жана дегеле бул иште толук күч менен иштөөнү каалабаган адамдар ээлей башташты. Милдеттүү кошумча билим берүү системасынын жоктугунан муниципалдык кызматкерлердин квалификациясынын деңгээли төмөндөй баштады. Муниципалдык кызматка болгон кызыгуунун төмөндөөсүнө акыркы жылдары мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкарууну саясатына карата мамилеси да таасирин тийгизди. Бул жергиликтүү бийликтин аброюнун азайышы, ыйгарым укуктар жана ресурстардын кыскарышы менен билинип жатат.

Ошол эле учурда ушул жылдардын ичинде эл аралык уюмдар жергиликтүү деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүгө тиешелүү ар кандай темаларда өтө көп тренингдерди өткөрүүгө олуттуу каражатты жумшады. Албетте мындай окутуулар тиешелүү долбоорлордун өз максатына жетүүсүнө жана муниципалдык органдардын потенциалын колдоосуна оң таасирин тийгизди. Өзгөчө Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетишкендиктери 2002-2008-жылдарга туура келет. Тренингдердин эффективдүүлүгүнүн азайышына программалардын макулдашылбаганы, керектөөлөрдүн бааланбай калышы, кыска мөөнөттүүлүгү, окутуунун карьера жана маянага байланбаганы терс таасирин тийгизди.

Эмесе, муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасы жалпысынан түзүлгөн эмес жана мындан ары да бул көйгөйгө көз жумуп койо берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунунун бардык реформасына тескери таасирин тийгизет. Учурда саясий мүнөзгө ээ, эч кандай байкалаарлык таасири жок, окутуунун системалык тартиби жок кырдаал түзүлдү.

### Бул тармакта кандай негизги проблемаларды аныктоого болот?

- Окуу үчүн муниципалдык кызматкерлерге мотивация жана дем берүү системасынын жоктугу.

- Муниципалдык кызматкерлерди окутууда керектөөлөрдү баалоо системасынын жоктугу (окутуу тармагы, персоналдык курам).
- "Муниципалдык кызмат тууралуу" мыйзамдын талаптарын аткаруунун төмөнкү деңгээли.
- Окуу программалардын ЖӨБОнун керектөөлөрүнө жараша эмес, окуу жайлардын мүмкүнчүлүгүнө жараша түзүлүшү.
- Каражаттын жетишсиздиги.

"Муниципалдык кызмат тууралуу" мыйзамда ишке орношуу, карьералык өсүш жана квалификациянын деңгээлинин ортосундагы байланышка катаал көңүл бурулган. ЖӨБ органдарынын жетекчилерине бул талаптарды аткаруу үчүн өтө жогорку деңгээлдеги талаптар коюлган. Бул мыйзамга ылайык, мындай окутууларды жергиликтүү бюджеттин эсебинен ишке ашыруу каралган. Бул мыйзамдагы талаптардын ашкере катаалдыгы талкууга алынаарлык маселе, бирок квалификацияны жогорулатуу зарылдыгы жана кадрларды кайра даярдоо маселеси бүгүнкү күндө көңүл сыртында калып келет. Ошол эле мезгилде ЖӨБ органынын кызматкери да кошумча билим алууга кызыкдар эмес.

Ошону менен катар муниципалдык кызматкерлерди даярдаган айрым окуу жайлар өз эсебинен ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин жок дегенде бир жолу окутууга аракеттенип жатканын белгилөө зарыл. Мында адегенде Башкаруу академиясынын алдындагы Квалификацияны жогорулатуу борборун жана КУУнун алдындагы Мамлекеттик башкаруу жана политология институтун белгилеп коюу зарыл. Ошол эле маалда жада калса ушул эле окуу жайларда окуучулар тобун түзүү жана окуу программасы керектөөлөргө жараша эмес, ЖОЖдун мүмкүнчүлүгүнө жана каражатка жараша жүргүзүлүп келет.

### Муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу тармагындагы кырдаалды жакшы жагына өзгөртүү үчүн эмнеден баштоо зарыл?

Балким адегенде квалификацияны жогорулатуу Концепциясын түзүп, ага тиешелүү укуктук статус берүү керектир. Концепция өзүнө төмөнкү принциптерди камтыш керек:

- Концепцияга ылайык, муниципалдык кызматты өнүктүрүү тармагында тиешелүү мыйзамдарды иштеп чыгуу.
- Концепцияны ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдын ыйгарым өкүлүнүн ролун, функциясын, укуктарын жана жоопкерчилигин аныктоо.
- Квалификация деңгээлине жараша кызматтан жогорулатуу жана каражат жагынан колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо.
- Аттестация менен кошумча окутуу маселесин байланыштыруу.
- Кызматтан жогорулоо жана акчалай сыйлык алуу маселесин чечүүдө белгилүү бир артыкчылыктарды берген кошумча окутуудан өткөнүн тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү сертификат болуш керек.
- Туруктуу каржылык булагын аныктоо.
- Муниципалдык кызматкерлерди тобу жана багыты боюнча окутууда керектөөлөрдү баалоо системасын түзүү.
- Окуу өткөрүүдө "заказ" түшүнүгүн балким сынактын негизинде аныктоо.
- ЖӨБОнун кызматкерлеринин өз функциясын аткарууда окутуунун таасирин баалоо жана окутуу процессине мониторинг жүргүзүү системасын түзүү.

Болочок Концепциянын өзөгүн түзө турган негизги идеялар 2012-жылдын 20-январында өткөн кызыкдар тараптардын катышуусу менен өткөн тегерек столдо талкууланды. Талкууга Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин, ЖОБ органдарынын, ЖОЖдордун өкүлдөрү жана көз карандысыз эксперттер катышты. Түрдүү ракурстарда учурдагы абалга ар тараптуу анализ жүргүзүлдү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү деңгээлде башкарууга байланыштуу башкы көйгөйлөр деп төмөнкүлөрдү атады: төмөнкү маяна, өз милдеттерин аткарууда ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин жетишсиз потенциалы. Иликтөөлөр көрсөткөндөй, ЖӨБ органдары өз кызматкерлерин окутууда жергиликтүү бюджеттен белгилүү бир шарттарда каражат бөлүүгө даяр. Бул каалоо нормативдик документтер жана мотивация системасы менен бекитилиши керек.

ЖОЖдордун өкүлдөрү окуу жайлар окутууга



багытталган ресурстарды алуу үчүн квалификацияны жогорулатуу боюнча так жана эффективдүү системанын түзүлүшүн колдойт. Ошол эле учурда окутуучулар курамы нормативдик базанын жана учурдагы абалдын өзгөрүшүнө байланыштууу ЖӨБ органдарын окутуу үчүн өз квалификациясын жогорулатуусу керек.

Эксперттик жамаат мамлекеттик органдын ыйгарым өкүлү окутууну "заказ" кылган функцияны өзүнө алып, окутууда керектөөлөрдү баалоодон баштап, окутуунун муниципалдык кызматкердин ишинин сапатына тийгизген таасирин баалоого чейинки процессти координациялоо ролун алышы керектигин белгиледи.

Талкуунун жыйынтыгы көрсөткөндөй, проблеманын формулировкасы жалпысынан муниципалдык кызматкердин квалификациясын жогорулатуу тармагындагы учурдагы кырдаалды чагылдырат. Болочок Концепциянын максаттарына жетүү үчүн ортого коюлган тапшырмалар жетиштүү.

Концепция бардык кызыкдар тараптар - жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик органдын ыйгарым өкүлү, Мамлекеттик кадр кызматынын, ЖОЖдордун, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, эксперттердин – катышуусу менен талкууланып, кабыл алынышы керек.

Концепцияны ишке ашыруу баскыч-баскычы менен өтө алат. Мында баштапкы баскычында олуттуу ролду эл аралык уюмдар ойной алат, алар пилоттук моделдин жалпы ишке өтүүсүн камсыздай алат. Көрүлгөн чаралар муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу маселесинде системалык ыкманы камсыздап, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүгө көмөктөшөт.

# ЖӨБ ҮНҮ

**Гульнара Исмаилова,**
Ивановка айылдык аймагынын жооптуу катчысы:

"Менин 17 жылдык айыл өкмөтүндөгү иш тажрыйбамда мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу кесиби боюнча ЖОЖду аяктаган бүтүрүүчү айыл аймагына иш издеп келген эмес. Мындайды мен башка жакта да уккан эмесмин. Адамдарды биз айла жок эле алып, алар иштеп баштаганда милдеттерин түшүндүрүүгө мажбурбуз. Квалификацияны жогорулатуу курстары бизге өтө зарыл. Муниципалдык кызматтарда университеттик базаны гана эмес, практикалык тажрыйбаны, техниканы талап кылган иштер абдан көп. Биз өзүбүз ушул билимдерди адамдан адамга өткөрүп берүүдөбүз. Бирок бул туура эмес. Биз өз казаныбызда эле кайнап, муниципалдык башкаруудагы прогресстен артта калып жатабыз, бул болсо өз кезегинде кызмат көрсөтүүнүн сапатына таасирин тийгизип жатат. Бирок экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринде өз квалификациясын жогорулатууга стимул жок, анткени алар окусаң да, окубасаң да айлык жогорулабайт, жаңы ишке орноштурбайт деп эсептешет. Мына ушул эки көйгөйдү чечүү зарыл, бул үчүн квалификацияны жогорулата турган борборлорду (курстарды) ачып, кызматкерлердин окуу жаатындагы натыйжаларын кызматтан жогорулоо жана маянага "байлап" коюу зарыл. Бүгүнкү күндө бизге иш алып баруунун негиздери, технологияны башкаруу, жаңжалдарды алдын алуу, жамааттар менен иш алып баруу багытында окутуулар керек".



**Нурбек Молдокадыров,**
Нарын шаарынын вице-мэри:

"Муниципалдык кызматта көйгөйлөр абдан көп. Мэриядагы кызматка тиешелүү даярдыгы болбогон адамдар келип жатканын мойнубузга алабыз. Биз мыйктылардын ичинен мыктыларды эмес, болгон нерсенин ичинен жакшыраагын тандоого мажбурбуз. Мындан тышкары, тилекке каршы, ушуга чейин профессионалдык сапатына жана деңгээлине жараша эмес, жогору жактан түшкөн тапшырманын негизинде ишке алынган учурлар кездешет. Көп жакшы даярдыгы болбогон адамды ишке алуу менен, анын квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогонубуз кырдаалды татаалдаштырууда. мына ушунун баары Нарындын мэриясые муниципалдык кызматты жакшыртуу жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу багытында өз саясатын иштеп чыгууга түрттү. Бирок мунун баарын өз күчүң менен жасай албайсың, ресурстар, эң негизгиси билим жетишсиз болууда. Бул – мамлекеттик саясат маселеси".



# Бийликтин калктан алыстап кетүүсүнө бөгөт коюу



**Адилбек Кыпчаков,**
Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын
аппарат жетекчиси

Акыркы жылы биздин өлкөдө башталган олуттуу реформалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзгөчө чоң жоопкерчиликти жүктөйт. Кызыл-Кыя шаары Кыргызстандын түштүгүндөгү ири өнөр жай борбору болуп эсептелет. Бул жердеги реформалардын ийгилиги көпчүлүк учурда шаар мэриясынын улам өсүп жаткан талаптарга жараша ишин уюштуруусуна байланыштуу болууда.

Кызыл-Кыя шаары илгертеден бери өзүнүн ыңкылапчыл жана эмгекчил салттары менен белгилүү. Бул жерде жыйырмадан ашуун улуттун өкүлдөрү ынтымакта жашап, бирге эмгектенип келишет.

Советтер Союзу ыдырагандан кийинки 20 жыл бардык Республикада болгондой эле биздин шаарга да таасирин тийгизди. Бирок бир нерсени ишенимдүү айтууга болот: көмүр өнөр жайы өнүккөн башка чакан шаарларга салыштырмалуу Кызыл-Кыя шаары урбанисттик мүнөзүн, инфраструктурасын жана эмгек потенциалын сактап калды.

Өлкөнүн жогорку бийлиги тарабынан башталган реформалар шаар мэриясынан да жарандардын турмушун жакшыртуу, этностор аралык ынтымакты бекемдөө, туруктуу социалдык-саясий кырдаалды орнотууда олуттуу чараларды кабыл алууну талап кылат.

Өзгөчө көңүл этностор аралык ынтымакка бөлүнөт. Шаар мэри Х.Халмурзаев, мэриянын башка кызматкерлери шаар тургундары менен тез-тез жолугушуп турат жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү бир топ көйгөйлүү маселелер оперативдүү түрдө чечилет. Адамдар менен жашаган жеринде, көп адам чогулган жерлерде, базарларда, мечиттерде, мектептерде, жогорку жана орто билим берүү мекемелеринде жолугушуу практикасы өз жемишин берип, улуттар аралык ынтымакты бекемдөөгө эффективдүү таасирин тийгизип келет.

Мэриянын кызматкерлери өз ишмердүүлүгүндөгү башкы милдет деп калк арасында төмөнкү маселелерди чечүү боюнча системалык анализ жүргүзүүнү эсептейт:

- калктын иш жүзүндөгү кызыкчылыктары тууралуу маалымат алуу,
- жергиликтүү маанидеги иштерге адамдардын таасири,
- мэрия менен жарандар ортосунда ишенимдүү мамилелерди түзүү,
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгына карата жарандардын көз карашы.

Мэрия ишин төмөнкүдөй нукта алып барууга аракет жасайт:

- кайсы бир иш-чараларды өткөрүү боюнча калктан колдоо алуу,
- өткөрүлүп жаткан иш-чараларда калктын эмгек активдүүлүгүн жогорулатуу (долбоорлорго катыштыруу),
- адамдарды тынчсыздандырган маселелерди иш жүзүндө чечүү менен алардын ишенимине ээ болуу.

Жарандардын турмуш шартын жакшыртуу үчүн шаардагы ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишмердүүлүгүн мындан ары да ыңгайлаштыруу керек. Биз аларды мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын сапатын жакшыртууга, жарандардын көйгөйлөрүн оперативдүү чечүүгө багыттап келатабыз.

Бул максатта 2011-жылдын аягынан тарта биз мэриянын структуралык бөлүмдөрүнө функционалдык анализ жүргүзө баштадык. 2011-жылдын декабрь айында “Сууканал” кичи ишканасынын базасында мэрия кызматкерлеринин аппараттык окуусу өттү. Анда аталган ишкананын функционалдык анализинин жыйынтыгы чыгарылып, калкка кызмат көрсөтүүдө жетишкендиктер жана кемчиликтер белгиленип, ушул муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана башкарууну оптималдаштыруу боюнча сунуштар айтылды. Ошондой эле түрдүү даярдык деңгээлине жана квалификацияга ээ мэрия аппаратынын кызматкерлери менен тажрыйба алмашуу болуп, кызыктуу баарлашуу да орун алды. Ушундай эле анализ шаардын башка мекемелеринде жана уюмдарында жүргүзүлмөкчү.

Адамдардын турмуш шартын жакшыртуу маселеси менен алектенип жатып, биз көп учурда пайда болгон маселелерди мындан да сапаттуу чечүүгө жол ача турган өзүнчө маселелерге күбө болобуз. Биздин баамыбызда, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык-экономикалык негиздери тууралуу” мыйзамга ылайык, иш жүзүндө ЖӨБнун каржылык өз алдынчалуулугун бекемдөө зарыл. Бул маселеге байланыштуу нормативдик-укуктук актыларда ЖӨБ органдарынын пайдасына нормативдик төлөмдөрдү кайра карап чыгууга болот. Бул болсо жергиликтүү маанидеги маселелерди мындан да эффективдүү чечүүгө жол ачмак.

Айрым борбордук органдардын адамдардын керектөөлөрүнө жана талаптарына кайдыгерлигине бөгөт коюу зарыл. Жашыруун эмес, министрликтердин

жана ведомстволордун башчылары ошол аймактарга чанда гана барат, кээде жергиликтүү көйгөйлөрдү угуп эле койот. Адамдарды тынчсыздандырган маселелерге көңүл буруу, аларды чечүү тармактык саясатты эффективдүү жүргүзүүгө жол ачмак.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамга ылайык, ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилет. Бирок иш жүзүндө бул укуктар каражат жагынан камсыздалбайт, ушундан улам ЖӨБ органдары чыгашаны жергиликтүү бюджеттин эсебинен толуктоого мажбур. ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктар өткөрүлүп жаткандан кийин аларды аткаруу үчүн каржы булагын да так көрсөтүп берүү зарыл.

Муниципалдык кадрларды кайра даярдоо практикасын да кайрадан карап чыгуу зарыл. Кадрлардын квалификациясын сапаттуу жогорулатуу үчүн муниципалдык кызматкерлерди даярдоо программасы так жазылышы керек. Кайра даярдоо программасында муниципалдык кызмат тармагындагы улуттук жана чет элдик тажрыйбалар камтылышы зарыл. Мындай учурда Кыргыз Реуспубликасынын Президентинин алдындагы Академияда кайра даярдоо базасы ачылып, ал республикалык бюджеттен каржыланса, таасирдүү болмок.

ЖӨБ органдарынын эффективдүү ишинде алынган тажрыйбаны колдонуу, жаңы ыкмаларды жана критерийлерди иштеп чыгуу, жергиликтүү демилгелерди жана башталыштарды колдоо натыйжада азыркыга караганда адамдарга мындан да ыңгайлуу шарттарды түзмөк. Бул болсо ЖӨБ органдарынын ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн башкы шарты.

Ушул тапта өлкөдө мамлекеттик башкарууну оптималдаштыруу жана мамлекеттик кызматкерлерди кыскартуу иштери жүрүүдө. Мунун алкагында Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттикте өзгөрүүлөр болду. Ал Аймакты өнүктүрүү жана курулуш боюнча агенттикке өзүнчө структуралык бөлүм болуп кирди. Бул өзгөрүү канчалык натыйжалуу болоорун убакыт көрсөтөт. Бирок ЖӨББУАга өз убагында ЖӨБ органдарынын кызыкчылыгына тиешелүү болгон бардык маселелерди координациялоо боюнча өтө маанилүү ыйгарым укуктар жүктөлгөн. Андыктан ЖӨББУАдагы өзгөрүүлөр сапатка терс таасирин тийгизбеши керек.

Аймак тургундарынын тынчсыздандырган бардык маселелерди бир макалада чагылдырып берүү мүмкүн эмес. Бирок аларды баскыч-баскычы менен чечүү жарандарды өлкөдө калктын жашоосун жакшыртууга багытталган өзгөрүүлөр башталганына жана уланып жатканына ишендирмек. Адамдарда мамлекетке, бийлик органдарына ишенимин кайтаруу – бул маселе бүгүнкү күндө буга чейин болуп көрбөгөндөй курч турат жана анын чечилиши биздин өлкөнүн келечегин аныктайт.




**Кыргызстандын шаарларынын жана айыл тургундарынын жашоо шартын жакшыртууга, региондорду күчөтүүгө көңүлкош эмес адамдардын назарына!**

**Биздин өлкөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калктуу пункттардын көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечкендиги жана жашоо шарттарын оңдоп жаткандыктары тууралуу көптөгөн мисалдар бар. Бирок бир айылда жашаган жамаат коңшулаш жамаат кандай жашап жана эмне иштеп жаткандыгын аз билет; алар бөлөк облустагы ЖӨБ кандай жашоону башынан кечирип жаткандыгы тууралуу андан да аз билишет.**

**«Муниципалитет» журналы өлкөбүздүн түрдүү аймагында жашаган жамааттарга жана ЖӨБ органдарына бири бирин тааныштырууну каалайт!**

**Кесиптештер жана достор!**
**Муниципалитеттер аралык тажрыйба алмашуу сапарларына катышыңыздар!**
**Сиздин жамаатта жашоо кандай, жергиликтүү маанидеги маселелер кандай чечилип жаткандыгы тууралуу бизге жазып жибериңиз:**
**720021, Кыргыз Республикасы,**
**Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,**
**Өнүктүрүү саясат институту,**
**«Муниципалитет» журналынын редакциясы;**
**office@dpi.kg,**
**nadya.dobretsova@gmail.com**

# Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө донордук жардам



**Асылбек Чекиров,**
Өнүктүрүү саясат институту

Өкмөттүн жаңыртылган структурасында Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттик түзүлдү. Ал логикага ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча иштерди координациялашы керек. Өлкөдөгү саясий тенденцияларга байланыштуу 2008-2010-жылдардагы кыймылсыздыктан кийин 2011-жылдын ичинде бул тармакка донордук жардам активдешти. 2012-жылга карата көпчүлүк донорлордо жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата бир топ пландары бар. Олуттуу долбоорлорду БУУнун Өнүктүрүү программасы, АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги, АРИС жана башка донордук уюмдар ишке ашыра баштады. Андыктан бул багыттагы донордук жардамдын сапат жана координация маселеси бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу.

Аймакты өнүктүрүү маселесин чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындан аркы өнүгүүсү, аны экономикалык, каржылык, инфраструктуралык потенциалы менен түздөн-түз байланышта. Белгилүү болгон кыйынчылыктардан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түзүлүшү, жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү, муниципалдык инфраструктураны колдоо эл аралык уюмдардын жана финансылык институттардын донордук жардамы алкагында чечилип келгенин моюнга алуу керек. Аймактарды жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жаатындагы донордук жардамдын масштабы билим берүү, саламаттык сактоо, каржы сектору өңдүү маанилүү тармактарды колдоо менен барабар. Андыктан айрым байкоолор кызыктуу жана пайдалуу болмокчу.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түрдүү баскычтарында донордук жардамдын философиясы ар кандай кабыл алынып келген. Көп учурда бул ошол кездеги абалдан, андан тышкары координациялоо жана донорлор берген каржы ресурстарын башкаруу маселелериндеги жалпы тенденциядан көз каранды болгон. Ошол эле учурда донордук жардамдын бардык агымын эки багытта бөлүп кароого болот.

**Биринчиси,** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен эл аралык каржы институттарынын жана уюмдардын ортосунда түзүлгөн макулдашуунун алкагында көрсөтүлгөн донордук жардам. Эреже боюнча мындай макулдашуунун демилгечиси болуп КРнын Өкмөтү чыкса да, иш жүзүндө эл аралык уюмдар биздин өкмөткө маселени чечүүнүн тиги, же бул жолдорун "олуттуу түрдө сунуш кылат". Алдыда кызматташуунун мындай түрүнө кенен токтолобуз.

**Экинчисии**, өлкөдөгү абалды өз алдынча анализдөөнүн негизинде жана өз программаларынын, пландарынын алкагында негизинде эл аралык уюмдар көрсөткөн жардам. Донордук жардамдын бул багытынын таасирин жана жыйынтыгын баалоо жеңил эмес. Анткени адатта бул долбоорлорду ишке ашырып жаткан уюмдар реалдуу жыйынтыктарды көрсөтүүдө, же биргелешип баа берүүдө мамлекеттик уюмдар менен байланыш түзүүгө көп ашыкпайт. Мындай аракетти адегенде төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот: жардамдын мындай түрү толугу менен гранттык деп эсептелет жана мамлекет алдында эч кандай милдеттемеге ээ эмес. Донор долбоордун максатын, дизайнын жана аны ишке ашыруу методун өзү каалагандай тандайт.

КРда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаңыдан түзүлө баштаган, тажрыйбанын, бул тармакта иштеген адамдардын жетишсиздиги байкалган алгачкы баскычта мындай практика өзүн өзү актаган. Жада калса эл аралык уюмдардын жардамы менен КРдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу акыркы жылдардагы көйгөйлөргө карабастан көпчүлүк КМШ өлкөлөрү үчүн реформалардын үлгүсү болуп калды. Ушул тапта Кыргызстанда ЖӨБнун белгилүү бир үлгүсү бар. Бул айрым жерлеринде өзгөртүлөөргө мажбур болсо да, жалпысынан биздин коомдун кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жана салттарына жооп берет. Жаңы түшүнүккө ээ

саясатчылардын жана алардын ЖӨБ системасындагы реформаларды улантуу ниети менен аймактарды өнүктүрүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн донордук жардам түшүнүгүнө өзгөртүү киргизү зарыл болот.

Адегенде КР өкмөтү менен макулдашуунун негизинде ишке ашырылган долбоорлор үчүн “донордук жардамды координациялоо” термини эмнени түшүндүрөөрүн аныктап алуу зарыл. Бул терминди түшүнүүгө ылайыктуу бир нече моделдер бар:

1) өлкөгө мындан да натыйжалуу жардам көрсөтүү үчүн өзү уюшулган донордук уюмдар,

2) аралаш форма. Мында донорлор менен мамлекет колдоонун багытын макулдашып, белгилүү бир макулдашуулардын алкагында иш алып барат,

3) координациялоодо башкы ролду мамлекет алып, донордук жардамды өз стратегиясына ылайыкташтырат.

Белгилей кетчү жагдай, Мамлекеттик инвестициялар программасынын (МИП), өзгөчө үч жылдык циклге эсептелген жана Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы, БУУ, ДВФ, Швейцария, Германия, Британия, Европа комиссиясынын биргелешкен аракетинин негизинде Өлкөгө стратегиялык жардамдын алкагында ишке ашырылган долбоорлор боюнча донордук жардамды координациялоодо олуттуу ийгиликтер жетишилди. Мында албетте КР Өкмөтүнүн ролу күчтүү болгонун эч ким танбайт, бирок каражаттын эффективдүү колдонулушуна кызыкдар болуп, адатта биздин өкмөттү координациялоо маселесинде тез аракеттенүүгө түрткөн донордук уюмдардын демилгесин да өзгөчө белиглеп коюу зарыл. Ушул тапта мамлекет экинчи модель менен иш алып барууга дилгирлигин көрсөтүп жатканы, айрым учурларда үчүнчү моделге да өтүп жатканы байкалбай койбойт. Мындай аракет өзүн өзү актайт жана ал келечектүү. Кандай аргументтер бар?

Кыргызстан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө тиги же бул моделди сынап көргөн учурду башынан өткөрдү. Жада калса айрым бир эксперименттердин полигонуна да айланган мезгил өттү. Ортодогу көйгөйлөргө карабастан жалпысынан бизде ылайыктуу модель колдонулат, анын эң жакшы жетишкендиктерин 2007-2008-жылдары көрдүк жана эч ким ошол позицияларга кайтууга жана реформаларды улантууга тоскоол болбойт. Мамлекет белгилүү бир стратегияларга даярдыгын билдирүү жана донордук жардамды өз кызыкчылыгына жараша колдонуу укугуна ээ.


Белгилүү бир мезгилден тарта МИП боюнча каржылык жардамдын бөлүгү кредиттик негизде бөлүнө баштады, бул болсо ушул каражаттар канчалык максаттуу колдонулуп жатканын тыкыр текшерүүнү талап кылат.

Жалпысынан турукташып калган ЖӨБ моделине ээ болуу менен тиги, же бул маселедеги деталдарга өзгөчө көңүлдү буруу керек. Мисалы, мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү механизми, муниципалдык тейлөөлөрдүн сапатын баалоо, бюджеттик процессти жакшыртуу, ЖӨБОнун кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу жана жалпысынан муниципалдык кызматты өнүктүрүү ж.б. ЖӨБ системасынын туруктуулугун мүнөздөгөн ушул жана башка маселелер донордук уюмдар тарабынан так таасирди талап кылат, ал болсо идеянын өзүнө терс таасирин тийгизбеши керек.

Донордук ресурстардын эффективдүүлүгүн олуттуу деңгээлде түшүргөн дагы бир көйгөй бар. Адатта долбоорду түзүүдө белгилүү бир эреже сакталат. Ошол эле учурда донорлор долбоордук циклдин бардык тепкичтеринде мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусуна кызыкдар. Долбоорлорду башкы стадиясында талкуулоодо биздин өкмөттүн ага карата кызыкдар жана профессионалдык мамилеси долбоордун ийгиликсиз ишке ашуусун алдын алып, тиги же бул көйгөйлүү маселени чечүүдө керектүү басым жасоого шарт түзмөк. Тилекке каршы практика мамлекеттик органдар көйгөйдү баалоо стадиясында гана эмес, максатты, жалпы дизайнди, ресурстарды бөлүштүрүү стадияларында да аракети пассивдүү экенин көрсөтүүдө. Адатта иштин кызыкчылыгына каршы келген, жабдуу, автотранспорт жана чет өлкөгө сапар өңдүү бир мүнөттүк жыргалчылыктын айынан өлкө үчүн маанисиз чечимдер кабыл алынып калууда.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө донордук жардамдын таасирине келе турган болсок, аны кол-

**Ар биринде мамлекеттик өнөктөштөрдүн катышуусу жана активдүү координациялоосу зарыл блгон донордук уюм каржылаган долбоордун этаптары жана ишке ашыруу ирээти**




**Биздин оюбузча, донордук жардамдын эффективдүүлүгү тууралуу ар бир отчет схемада келтирилген иш-аракеттердин ирээтине дал келүүсү керек**

донууда айрым жерлерине басым жасоо керек. Жамааттардын демилгеси боюнча өнүктүрүүгө (ЖДӨ) байланышкан акыркы 10-12 жылдагы долбоорлор менен ашкере алектенүүнү мисал катары келтирсек болот. Чечим кабыл алуу процессине жарандардын катышуусунун пайдасын жана маанисин түшүнүү менен, дагы бир нерсени моюнга алышыбыз керек: жарандардын ашкере активдүүлүгүнө дайыма эле ЖӨБ органдары адекваттуу жооп кайтарбайт. Мунун бир нече себеби бар: каржылык ресурстардын жоктугу, ЖӨБОнун кызматкерлеринин төмөнкү потенциалы ж.б. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү активдүүлүгү менен донорлор тарабынан уюштурулган жарандык топтордун жогорку активдүүлүгү долбоорлорду аткарууга ресурсу жана тажрыйбасы жетишсиз ЖӨБ органдары менен уюшкан жамаат топторун бири-бирине каршы туруусуна түртөт. ЖӨБ органдарын долбоорду ишке ашыруу стадиясына кошуу максатка ылайык болмок. Мында жарандардын тажрыйбасы колдонулуп, ЖӨБ менен калк ортосундагы байланыш бекемделмек. Өз учурунда ЖДӨ концепциясына артыкчылык берүү таза суу менен калкты камсыз кылуу маселесинде көйгөй жараткан.

Балким өкмөттүн 2012-2014-ж.ж. Орто мөөнөттүү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу аракети донордук уюмдардын жардамысыз ишке ашпай калышы мүмкүн. Ошентсе да программага жакынкы убакытта артыкчылыктуу болот деп күтүлгөн тапшырмалар киргени кубандырат жана донорлордун тиги, же бул багыт боюнча жардам көрсөтүүсү боюнча сүйлөшүүлөргө негиз болот.

Ушундан улам суроо жаралат: мындай донордук жардамдын жалпы координациясын ким аткарат? Бүгүнкү күндө бул маселелер боюнча КР Өкмөтүнүн толук кандуу өкүлү катары КРнын Каржы министрлиги чыгып жатат. Кызматкерлердин аздыгына карабастан жалпысынан бул функцияларды аткарууда, бирок чектелүү өлчөмдө. Каржы министрлиги үчүн башкы максат макулдашуулардын каржылык процедураларын көзөмөлдөө, программаларды биргелешип каржылоону камсыздоо, сатып алуулар процедурасына жана отчеттуулукка көз салуу. Объективдүү себептерден улам Каржы министрлиги долбоордун максатына жана тапшырмаларына таасир эте албайт. Ошол эле учурда Каржы министрлиги мамлекеттик органдарды долбоордун циклдеринин баарына катышууга мажбурлай албайт.

Ушундан улам бүтүм пайда болот: бул маселелер жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашырууга укугу бар башка мамлекеттик органдардын карамагына кириши керек. Жакында бул ролду Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттик (КАӨМА) аткарууга камданып жатканына байланыштуу ал төмөнкүлөргө ээ болушу керек: 1) бул иш үчүн (өкмөттөн) мандатка ээ болуу, 2) уюмдун потенциалы координацияны жүргүзө алаарына донорлордун ишеними, 3) эл аралык уюмдардын абрoю, 4) уюмдун өзүнүн активдүүлүгү.

Ошондой эле КАӨМАга төмөнкү ыйгарым укуктар берилиши керек: 1) донордук уюмдар менен КР өкмөтүнүн атынан сүйлөшүү, 2) долбоорду даярдоодо иш же эксперттик топторду түзүү, 3) долбоордун аткарылышына жана негизги индикаторлорго жетүүдө мониторинг жүргүзүү.

Мамлекеттик инвестициялар программасынын тышында Кыргыз Республикасына түздөн түз эл аралык уюмдардан түшкөн донордук жардамды координациялоо маселеси өзгөчө талкууну жаратат. Буга чейин белгиленгендей, бул жардам адатта донордук уюмдардын өзүнүн максаттуу программаларынын алкагында гранттык негизде түшөт. Албетте жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө бул эл аралык умдардын салымы өзгөчө. Бирок мындай уюмдардын ишмердүүлүгүн координациялоо алардын долбоорлорунун өзгөчөлүктөрүнө жана каржылоо булактарына байланыштуу келечектүү эмес. Ошону менен бирге дал ушундай долбоорлордо бирин-бири кайталаган программалар жана иш-чаралар, көпчүлүк учурларда кайсы бир белгилүү дисциплиналардын тиги же бул абалын чечмелөөдө карама-каршылыктар да кездешет. Андыктан толук координациялоону камсыздабаса да, бери дегенде долбоорлорго багыт берүү зарыл. Бул иш Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттиктин атынан такай өткөрүлүп турган жолугушуулар учурунда аткарылып турса болот. Ар бир долбоор мамлекеттик органдар же ЖӨБОнун оң реакциясына кызыкдар. Донорлорду долбоордун дизайнын түзүүдө агенттик менен байланыш анын ийгиликтүү ишке ашырылышын камсыздай турганына ынандыруу керек. Ошол эле учурда агенттик майдалануу жана өзүнө кандайдыр бир артыкчылыктарды берүүнү талап кылуу деңгээлине түшпөшү керек. Мындай аракет донорлордун ишенбестигин жаратып, келишимдин кийинки тагдырына кесепетин тийгизиши ыктымал.

Белгилей кетчү жагдай, 2011-жылы донордук жамааттар тарабынан ушундай долбоорлорду координациялоо боюнча өз аракеттери көрүлгөн. Адегенде донордук агенттиктердин туруктуу маалыматтык жолугушуулары өткөрүлүп турган, кийин аларга гранттык долбоорлордун аткаруучулары кошулган. 2012-жылы бул практика эл аралык уюмдардын жана бейөкмөт сектордун гана каалоосу менен гана уланып турбастан, жаңы түзүлгөн Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик агенттик тарабынан да координациялык катышуусу болгону максатка ылайыктуу.

# Ата-энелер үчүн класстык саат:



# ар бир нерсе үчүн төлөш керек, же акысыз орто билим тууралуу Миф

### Биз эмнени жоготтук?

1990-жылы Кыргызстандын билим берүү системасы ИДПдан 7,6% каржылоо үлүшү менен жетишерлик деңгээлде жакшы деп эсептелчү. Мектеп курактагы балдардын 95% окуу жайга барчу, ал эми сабаттуулуктун жалпы деңгээли 99% жеткен. 2005-жылы билим берүү системасына мамлекеттик төлөмдөр 4,7% азайып, мектепке барбаган балдардын саны бир кыйла өстү. ЮНИСЕФ жүргүзгөн иликтөөгө ылайык, 2005-жылы төртүнчү класстын окуучуларынын 59% гана математикадан стандарттык тесттен өткөн, 2001-жылы бул көрсөткүч 81% түздү. Ошондой эле 44% сабаттуулук боюнча тесттен өткөн, 2001-жылы мындайлардын саны 59% болчу.

Борбордук каржылоо системасы кулагандан кийин билим берүү стандарттары да төмөндөдү, мамлекет бул тармакта өсүп жаткан чыгашаларды толуктаганга жетишпей жаты. Мугалимдердин маянасы жашоого жетчү чектен төмөн болуп, мунун айынан өзгөчө элет жерлериндеги окутуучулардын саны кескин азайды. Мамлекет тарабынан жетишсиз каржылоосунун айынан өз бюджетиндеги «тешикти бүтөө үчүн» жергиликтүү деңгээлдеги мектептер ата-энелерден бейформал түрдө акча ала баштады: балдарды мектепке киргизүү, окуу процессин материалдык жактан камсыздоо, инфраструктураны колдоо үчүн жана башка кызматтарды көрсөтүү үчүн.

Билим берүү системасындагы чабал жыйынтыктар жана балдардын билимине канааттанбаган ата-энелердин наразылыгынан улам өлкөнүн парламентинде каражаттарды максаттуу пайдалануу жана каржылоо булактары тууралуу маселе көтөрүлдү. Билим берүү сапатын жакшыртуу багытында акыркы 20 жылда мамлекеттик саясат ишке ашырып жаткан эмес, радикалдуу чечимдерди кабыл алууга учур жетти.


Кыргыз Республикасынын 2007-2010-жылдардагы билим берүү тармагын өнүктүрүүдөгү расмий статистикасында «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү каржылоонун негизги көйгөйлөрү бюджеттөөгө, акча агымын анализдөөгө жана аларды мектептин деңгээлинде ийгиликтүү башкарууга тиешелүү. Буларды кескин кыскартуу билим берүүнүн сапатына кесепетин тийгизип, билим берүү системасындагы кейиштүү абалга алып келди» деп айтылат.

### Ким төлөйт?


КРнын Билим берүү жана илим министрлиги билим берүүгө кеткен чыгымдардын 15-20% гана көзөмөлдөйт. 80% жакынын КРнын Каржы министрлиги (негизинен категориалдык гранттарды) жана 20% - жергиликтүү бюджеттер. Ошол эле учурда ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн каражаттарынан түшкөн каржы агымдарын эч ким көзөмөлдөбөйт жана Кыргыз Республикасынын жарандары өз чөнтөгүнөн балдарды окутууга канча акча коротоору так белгисиз. Ошентсе да биз бир нече бишкектик жана элеттик мектептердин мисалында орточо билим берүүнү каржылоодо ата-энелердин үлүшү канчалык болгонун анализдөөгө аракет жасайбыз. Мындай кырдаалда



**1.1. диаграмма. ШААР мектебинин чыгашаларын каржылоо булактары**




**1.2. диаграмма. АЙЫЛ мектебинин чыгашаларын каржылоо булактары**




толук маанисин жеткирүү мүмкүн эмес, ошол себептен биз пайыздык үлүшүн гана карайбыз.

Республикалык бюджеттен каржылоо тууралуу маалымат көрсөткөндөй, чыгымдардын олуттуу үлүшүн айлык акы (78,34%) жана Соцфондго төлөмдөр (13,47%) түзөт. Ошол эле учурда окуу процессине, квалификацияны жогорулатууга, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган башка иш-чараларга каражат такыр каралган эмес.

Ошол эле учурда окуу процесси бири-бирине байланган бир нече нерселерден турат – мектептен, мугалимден, окуу процесси үчүн зарыл болгон аспап жана материалдардан ж.б. Бул үчөө тең бирдей маанилүү жана зарыл.


1.1. жана 1.2. - диаграммада орто мектептердин чыгашаларынын сметасы жана алар түрдүү булактардан канчалык деңгээлде каржыланары көрсөтүлгөн. Бул эсептер бир нече бишкектик жана айылдык мектептердин мисалында даярдалды. Үлүштөрдүн так көлөмү тууралуу талашып-тартышса деле болот, бирок маңызы өзгөрбөйт – шаардык мектептердин чыгашаларынын жарымынан көбү мамлекеттин эсебинен каржыланбайт, же такыр каржыланбайт. Элеттик мектептерде кырдаал башкача, ал жакта мамлекеттик каржылоонун үлүшү жогору, анткен менен мектептин керектөөлөрүн толугу менен канааттандырбайт. Ошол эле кезде айылдык мектептерде билим берүүнүн сапаты бир кыйла төмөн. Бул мектептин керектөөлөрүн өз чөнтөгүнөн төлөгөн шаардык ата-энелерге окшоп элеттик ата-энелердин акча көп бере албаганы үчүн эмес, элеттик мектептерде каржылоо жетишсиз болгондуктан бул окуу процессине өз таасирин тийгизип жатканын кабар берет.

2-диаграммада кайсы статьялар кандай деңгээлде тиги, же бул булактан каржыланарын толугу менен көрсө болот.

Ошону менен окуу процесси мамлекет тарабынан толугу менен КАРЖЫЛАНБАЙТ. Ошол эле учурда эч качан мамлекет тарабынан каржыланбаган, бирок мектептин нормалдуу иштешин камсыз кылып турган чыгашалардын тизмеси да бар. Бул – эмеректерди, жабдууларды жана аспаптарды; күнүмдүк керектөөлөргө жана чарбалык максатта колдонулган предметтер жана материалдар; башка кызматтарды төлөө. Мамлекет мектептин кайсы керектөөлөрүнө көз жумуп келатканын түшүнүү үчүн төмөнкү чыгашаларга көңүл буруу керек:

- Жабдууларды сатып алуу.
- Медициналык буюмдарды сатып алуу.
- Чарбалык максаттар үчүн башка буюмдар жана материалдар (чарбалык товарлар – самын, айна, сүргү ж.б. методикалык адабият, мектеп окуучуларын сыйлоо үчүн товарлар, өрт өчүрүү үчүн товарлар, канцтоварлар, спорт жабдуулары, башка товарлар).

**4-диаграмма. Мектептин чыгашаларын каржылоодо бюджеттин жана ата-энелердин үлүштөрү**



- Башка кызматтарды төлөөгө байланыштуу чыгымдар (оргтехниканы тейлөө, банк кызматтары, адвокат, нотариустун кызматтары, санэпидемстанция, интернет, суу түтүктөрү, транспорттук кызматтар, гезит, журналдарга жазылуу, аудитордун кызматтары жана башка кызматар боюнча).
- Эмерек сатып алуу.
- Компьютердик жабдууларды сатып алуу.

Бул тизмеге үстүртөдөн эле көз жүгүрткөн киши ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн каражатысыз мектептин иши токтоп калаарын, окуу процесси үзгүлтүккө учуraарын байкайт.

## Сен балаңдын билим алуусу үчүн төлөдүңбү?

Жалпысынан мектептеги билим берүү системасы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн талаптарына толук өлчөмдө жооп бербейт, билим берүүнүн сапаты төмөн бойдон. Эч кимге жашыруун деле эмес: учурда "бекер билим берүү" деген түшүнүк жок. Теория жүзүндө ата-энелер кошумча сабактар, ийримдер үчүн акчадан башка мектепке бир да тыйын төлөбөш керек. Көпчүлүк мектептер ата-энелер менен макулдашып, бюджеттен тышкаркы булактардан каржыланган сакчыларды алды. Анткен менен билим берүү системасынын мамлекет тарабынан каржыланышы окуучуларга сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Окуу, методикалык адабияттардын, пособиялардын, компьютердик класстардын ж.б. болбогонун айтпай эле койолу. Ата-энелердин басымдуу бөлүгү болсо балдарын ар тараптан өнүктүрүүнү, шарты мыкты мектепте билим алуусун, квалификациялуу жана сабаттуу мугалимдин болуусун каалайт. Андыктан ата-энелердин көпчүлүк бөлүгү өз ыктыяры менен, же мажбур түрдө мектепти каржылоого катышкан кырдаал түзүлдү. Бир мектепти камсыздандыруу боюнча керектүү чыгашаларды жабуу боюнча кошумча каржылоонун орточо маалыматы.

**3-диаграмма. Мамлекет тарабынан каржыланбай калган чыгашаларды жабуу үчүн ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн каражаттары**




Ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн каражаттарын башкарууда негизги көйгөй – бул каржылык агымдары начар көзөмөлдөнөт жана коррупция үчүн шарт түзөт. Мектеп жетекчилигинин коррупциялык ниети болбогон күндө да көзөмөлдүн жана айкындуулуктун жоктугу баары бир коррупция боюнча шектенүүлөрдү жаратат. Андыктан коомдо мектептерде паракорчулук жана уурулук бар деген пикир калыптанып калган. Ата-энелерден акча чогултууга расмий тыюу салынганы менен каржылоонун бул булагын жок кылбаганы аз келгенсип, аларды такыр эле жашыруун жана көзөмөлсүз калтырды. Өзгөчө коомдук уюмдар тарабынан акча чогултулган жерде көзөмөл  татаалдашты. Коомдук бирикмелере акча чогулткан жерде көзөмөл жүргүзүү жеңилирээк, анткени ал жерде акчанын өлчөмү белгилүү.

Экинчи маселе мектептерде ӨЗ ЫКТЫЯРЫ МЕНЕН деген принциптин бузулуп жатканында. Формалдуу түрдө ата-энелер аларга кысым жасалып жатканын мойнуна албайт. Анткени алар акча бербей койсо, мунун кесепети баласына тиет деп кооптонушат. Чындыгында мектеп башчылары ата-энелерге кысым жасабай койо албайт, анткени алар мамлекет каржы жагынан көп жардам бербесе да, окуу процессинин материалдык жагын камсыз кылууга мажбур. Болбосо алар өз функцияларын аткара албай калышы ыктымал. Ушундан улам мамлекет мектеп башчыларын жана ата-энелерди коррупцияны, бири-бирине болгон ишенбестикти, нааразылыкты жараткан туңгуюкка кептеп койду. Мындай учурда ата-энелер менен мектеп ортосундагы өнөктөштүк, кызматташтык тууралуу сөз деле козгобой эле коюш керек. Бирок буларсыз толук кандуу, билимдүү жаранды тарбиялоо мүмкүн эмес.

Учурдагыдай кырдаалда бизде такыр эле тандоо калбай калды. Биз бекер билим берүүнү камсыздоодо мамлекет өз функцияларын аткара албай калганын моюнга алышыбыз керек. Эгерде биз муну ачык айтпасак, бул маселе жакынкы келечекте чечилбейт.

## Маселенин юридикалык аспекттери

Эгерде биз мамлекет орто билим берүү жаатында өз функцияларын аткара албай жатканын мойнубузга албасак, Кыргыз Республикасынын демократиялык жетишкендиктерине көлөкө түшүргөн жана эл аралык аброюна шек келтирген татаал укуктук боштук пайда болот. Себеби билим берүүнүн базалык принциби деп эсептелген – бирдей укук жана бекер окуу – Кыргыз Республикасы кол койгон бир топ эл аралык акттарда бекитилген. Алардын айрымдарын гана атайлы.

**Адам укуктарынын жалпы декларациясы** (10-декабрь, 1948-жылдан бери). 26-берене: «Ар бир адам билим алууга укуктуу. Билим берүү бекер болуш керек, жок дегенде баштапкы жана жалпы билим берүү».

**Балдар укугу тууралуу Конвенция** (16-декабрь, 1966-жыла). Кыргызстан ага 1994-жылдын 12-январында кошулган. «Мүчө мамлекеттер баланын билим алууга болгон укугун таанышт

жана бул укукту бара-бара аткаруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Анын ичинде:

- бекер жана милдеттүү баштапкы билим берүүнү киргизет;
- орто билим берүүнүн түрдүү формаларын колдойт, ага жетүүнү камсыздайт жана бекер билим берүү үчүн зарыл болгон чараларды колдонот;
- билим берүү тармагындагы маалыматты жана материалдарды алууну камсыз кылат;
- мектепке үзгүлтүксүз баруусу жана мектепти таштагандардын саны азайтуу үчүн чара колдонот».

**Экономикалык. социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакт** (16-декабрь, 1966-жыл). Кыргызстан 1994-жылдын 12-январында кошулган. «Мүчө мамлекеттер ар бир адамдын билим алууга укугун тааныйт. Бул укукту ишке ашыруу үчүн:

- баштапкы билим берүү бардыгы үчүн сөзсүз милдеттүү жана бекер болуш керек;
- орто билим берүү жана анын түрлөрү бардыгы үчүн ачык жана жеткиликтүү болушу үчүн зарыл болгон чараларды колдонуу, анын ичинде бекер билим берүүнү киргизүү».

Мындан тышкары **КРнын Конституциясынын** 20-беренесинде: «Мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди бекер алуу укугу Конституция тарабынан бекитилген» деп айтылат. 45-беренеде: «Ар бир адам билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билим берүү милдеттүү. Ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди бекер алууга укуктуу. Мамлекет мамлекеттик, муниципалдык жана жеке окуу жайларын өнүктүрүүгө шарт түзөт» деп айтылган.

**«Билим берүү тууралуу» КРнын мыйзамы** билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптерин аныктайт:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алууда теңдиги;
- ар бир жарандын баштапкы жана негизги билим алуусунун милдеттүү жана бекер болуусу, андан тышкары мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында бекер жалпы орто билим алуусу;
- мамлекеттик окуу жайларында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде баштапкы, орто жана жогорку профессионалдык бекер билим алуу мүмкүнчүлүгү (4, 16-беренелер).

Ошондой эле «Билим берүү тууралуу» мыйзам билим алууга укукка мамлекеттик кепилдик берет:

- Мамлекет (КР өкмөтү) жарандарга зарыл болгон социалдык-экономикалык жана укуктук шарттарды түзүү менен мамлекеттик билим берүү мекемелеринде билим берүү стандарттарынын чегинде жарандардын бекер милдеттүү негизги жалпы, жалпы орто билим алуусун камсыздайт.
- Жарандардын бекер билим алуусу мамлекеттик билим берүү мекемелерин бюджеттик жактан каржылоо, бюджеттик каражаттар менен билим берүү кызматтарын сатып алуу же мамлекеттик билим берүү гранттарын берүү аркылуу камсыздалат. (7-берене).

Ушундан улам, ички мыйзамдар да, эл аралык талаптар да Кыргызстанга бекер билим берүүдөн баш тарттыра албайт. Ошол эле учурда мамлекет өз милдеттерин аткарып жатат деп айтуу менен өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз. Кеңири социалдык-экономикалык реформалардын шарттарында кырдаалдан чыгуунун бир нече жолдору жана моделдери сунушталат.

## Варианттар

Түзүлгөн кырдаалдан улам адистер адегенде мамлекеттик деңгээлде орто мектептер бюджеттин эсебинен толук каржыланбай жатышын таануу керектигин айтышат. Муну мойнубузга алсак, маселени чечүүнүн бир нече сценарийи сунушталат.

### I. Бекер билим берүүдөн баш тартуу

Бул эң радикалдуу сценарий. Муну аткаруу юридикалык жана эл аралык деңгээлде проблема жаратат (ушул документтин IV бөлүмүн караңыз). Бекер билим берүүдөн баш тартуу менен демократияны өнүктүрүү жана жалпы дүйнөлүк баалуулуктарды киргизүү планына олуттуу сокку урулат. Бул олуттуу саясий утулуш болот жана бир да өкмөт мындай жоопкерчиликти мойнуна алууга батынбайт.

### II. Аралаш түрдөгү мектептерге өтүү

Орусия Федерациясынын тажрыйбасын колдонуп, каржылоонун аралаш системасына өтсө болот. Мында үч түрлүү мектеп иштейт: мамлекеттик (же муниципалдык), жарым-жартылай мамлекеттик жана жеке. Ошол эле учурда мамлекет баласын акча төлөп окута албай, аларды мамлекеттик мектептерге жиберген ата-энелерге бекер билим берүүнү камсыздап ажатат. Жарым-жартылай мамлекеттик мектептерде ата-энеси мектептеги билим берүүнү каржылоого катышууга макул болгондордун балдары билим алат. Бул үчүн кошумча бийлим берүү кызматтары үчүн акча төлөйт. Жеке мектептерде билим берүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылууга кудуреттүү ата-эненин баласы билим алат. Бул сценарий бюджетти каржылык оорчулуктан бошотууга түртөт. Ошол эле учурда теңдик жагынан алып караганда талаш жаралат. Түрдүү деңгээлдеги мектептер социалдык теңсиздикти жана коомдун жакырлар менен байлар деп бөлүнүшүнө шарт түзөт. Экинчи жагынан караганда, бул кырдаалда бөлүнүү жана теңсиздик ансыз деле пайда болду, бул үчүн Бишкектеги элиталык деп эсептелген мектептер менен борбор калаадагы жаңы конуштардагы мектептер-

ди салыштырып көрүңүз.

Ошентсе да бул сценарий билим берүүнү баскыч-баскычы менен каржылоого өтүүсүнө шарт түзөт, мында мамлекет ар бир балага бөлгөн акчаны мектептин бардык түрлөрү алат.

### III. Ата-энелерден бир өлчөмдө акы алуу

Бул сценарийди Каржы министрлиги колдойт жана бир нече жыл мурда иштеген схеманы кайталайт. Ал убакта ата-энелер ар бир бала үчүн 160 сом өлчөмүндө акы төлөчү. Албетте бул сумма кайра каралышы керек. Анын үстүнө мектептин реалдуу керектөөлөрүнө таянып, бул акчаны төлөөдөн бошотулган, жеңилдик берилген үй-бүлөлөрдү эсепке алуу менен суммасы бекитилиш керек. Мына ушул жерде дагы бир маселе чыгат: мектептин реалдуу керектөөлөрү тууралуу так маалыматтардын жоктугу. Мисалы, ремонт үчүн каражат мектептин курулуш жылына, жайгашкан жерине жана абалына жараша бөлүнүш керек. Ушундан улам ар бир мектептин ремонтуна ар башка сумма талап кылынат. Бул маселе чыгашалардын башка түрлөрүнө да тиешелүү. Бул керектөөлөрдү эсептеп чыгуу үчүн бардык мектептерде инвентаризация жүргүзүү керек. Бул үчүн мектептин бардык активи (окуу класстары, материалдар жана жабдуулар, окутуучу курам, окуучулары курамы) жазылган "мектеп паспорту" зарыл.  Ушундан улам Билим берүү жана илим министрлиги мындай паспортизация жүргүзүү үчүн бюджетте каражатты караштырыш керек.

Бул сценарий ишке ашырылган жана мурдагы жылдардын каталарын кайталабаш үчүн кайра анализденип чыгышы керек. Бул реалдуулукка жакын сценарий. Мунун жакшы жери – ата-эненин каржы агымы казыналык аркылуу өтөт, ушундан улам ачык-айкын болуп, көзөмөлдөнөт. Ал эми мектеп жетекчилерин болсо эч ким коррупцияга тиешеси бар деп шектенбейт.

### IV. Мектеп процессинде демөөрчүлүк маданиятын өнүктүрүү боюнча чаралардын программасы

Төртүнчү сценарий боюнча, ушул тапта орун алып жаткан ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн кайрымдуулук уюм системасын сактап калуу сунушталат. Бирок ата-энелердин жана демөөрчүлөрдүн каржылык агымын ирээтке келтирүү үчүн бир катар иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарыл. Бул чараларды жарандык сектор жана мамлекет колдосо, маданияттын жана башкаруунун практикасынын деңгээлин көтөрмөк, коомдук механизмдер жана көзөмөл иснтрументтери пайда болмок. Бул эң логикалуу жана туура жол. Бирок бул мамлекет жана коом тарабынан  бир топ аракеттерди талап кылат. Анткени адамдардын аң сезимин өзгөртүү эң таатал жана көп убакытты талап кылган реформа. Адистердин айрымдары жарандык жана укуктук маданияттын азыркы деңгээлинде акчанын айкын жана эффективдүү пайдаланылышы жакынкы келечекте болбойт деген пикирде.

### V. Билим берүү сапатын көзөмөлдөө зарылчылыгы

Коомдук пикирдин оюу боюнча, мамлекеттин төмөнкүлөргө укугу жок:

- **толук өлчөмдө канааттандырган билим берүү системасына карата каржылык функциясын аткарып жатам деп эсептөөгө жана унчукпай отурууга;**
- **мектептеги билим берүүнүн сапатын өлчөөнүн объективдүү инструменттеринен баш тартууга.**

Өзгөчө экинчи пункт маанилүү. Мектептеги билим берүүнүн сапатынын айланасындагы биздин талкуулар конструктивдүү мүнөзгө ээ болмоюнча, биз тиги же бул өзгөрүүлөр тууралуу сөз козгой албайбыз. PISA уюмунун иликтөөсүнүн кейиштүү жыйынтыгы бизди алдыга умтулууга түртүүдө. 2012-жылы мамлекет бул иликтөөгө катышуудан баш тартууда, анткени жакшы жагына өзгөрүү болгон жок деп кооптонууда. Бирок билимдин сапатын текшербей коюу да проблемага көз жумуп коюу менен барабар болот. Билим берүүнүн сапатын текшербөө – бул багыттагы олуттуу көйгөйлөрдү көз жаздымда калтыруу менен барабар. Мындан тышкары PISAнын иликтөөсүнө катышуу үчүн биздин билим берүү системабыз өзүнүн өлчөмүнө ээ болушу керек. Бул позицияга Билим берүү жана илим министрлиги да, Каржы министрлиги да кошулат.

**Надежда Добрецова,**
Өнүктүрүү саясат институтунун
башкаруу төрайымы

**Роза Гайбулина,**

"Айкын бюджет үчүн" Альянсынын аткаруучу
директору

2011 жылдын жай айларында жазылган.

# Жалал-Абад облусундагы Ленин айылдык аймагындагы мектеп рэкетти жеңди



2011-жылдын декабрь айынын этегинде Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Ленин айылдык аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча чогулуш өттү. Айыл өкмөт башчы Чолпонбек Мырзаканов калкты бир жылда аткарылган иштер, ийгиликтер, чечилбей калган жана көңүл бурууну талап кылган маселелер менен кабардар кылып, 2012-жылга карата пландар менен бөлүштү. Мында ал бул план жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделгенин баса белгиледи. Айылдык чогулуштун жыйынтыгында айыл өкмөт башчысы айылдык кеңештин төрагасы Бакыт Токтосунов менен биргеликте 2011-жылы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүү катышкан жана өз айылынын өнүгүүсү үчүн салым кошкон жергиликтүү жамааттын татыктуу өкүлдөрүн айылдык кеңеш жана айыл өкмөтүнүн Диплому менен сыйлады. Диплом алгандардын арасында Ленин айылындагы Гагарин атындагы мектептин коопсуздук кызматынын кызматкери Сиражидин Хайирдинов да болду. Эмне үчүн элеттиктер мектеп кароолчусун мынча сыйлашат?

Сиражидин Хайирдинов Москвада иштеп жүрүп, 2011-жылы жайында кичи мекенине кайтып келген. Сентябрда Гагарин атындагы орто мектепке коопсуздук кызматына орношкон. Көп өтпөй ал мектептин алдында унаалар токтоп, окуучуларды белгисиз тарапка алып кетип жатканын байкаган. Бир канча убакыт ушул нерсени көрүп жүрүп, Сиражидин окуучулардан алар ким менен жана кайда барышаарына кызыккан. Өспүрүмдөрдүн ишенимине кирүү оңой эмес болчу. Ошентсе да коопсуздук кызматкери окуучуларды талаага түшүм жыйноого алып кетишерин билген. Аларды ушул мектепти бир нече жыл мурда аяктаган айыл тургундары алып кетип жүргөн. Кээде балдар талаада түнкү саат үчкө чейин иштеп калчу. Бирок муну менен эле иш бүткөн жок. Жогорку класстагылар апта сайын мектептин бардык окуучуларынан, анын ичинде кыздардан 5 000 сомдон чогултаары, бул акчаны ошол эле "иш берүүчүлөргө", тагыраак айтканда мыйзам бузуучуларга, балдар эмгегин айоосуз колдонгондорго берилээри маалым болду.



Сиражидин Хайирдинов үчүн "ишкердин" ысымын билүү кыйын болгон жок. Аны балдарга каршы багытталган мыйзамсыз ишмердүүлүгүн токтотууга көндүрүү оор болду. Ошентсе да бир нече жолу болгон оор сүйлөшүүлөрдөн кийин "иш берүүчүлөр" менен жогорку класстын окуучулары жолугушуп, талаада иштөөнү жана акча чогултууну токтотуу тууралуу макулдашты. Ишенүүгө кыйын, бирок 2011-жылдын декабрында бардык акча чогултуулар токтогон. Сиражидин Хайирдинов өспүрүмдөр арасында абройго ээ болуп, окуучулардын ишенимине кирди, эми алар ортодо пайда болгон маселелерди биргелешип чечүүдө. Балдардын жана окутуучулардын тынчтыгын сактоо үчүн ата-энелер да мектепти катуу көзөмөлдөө ишине жардам берүүнү чечип, бул үчүн ай сайын коопсуздук кызматынын ишине 15 сомдон бөлүп турууну макулдашты.

Сиражидиндин Гагарин атындагы мектеп рэкетин жеңгени тууралуу кабар коңшу айылга да жетип, эми алар да элеттик мектеп үчүн көйгөйлүү бул маселени чечүүдө анын тажрыйбасын колдонууну чечишти.

Өз балдарын коргогону үчүн ыраазычылыгын билдирүү максатында айыл тургундары Сиражидин Хайирдиновду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан Ардактуу диплом менен сыйлоону чечишти.

**Султан Майрамбеков,**
Өнүктүрүү саясат институту

# ЖАРАНДЫК ЖУРНАЛИСТИКА:

## Шарлотт – Нью-Йорк – Бердск – бардык жерде,



### же салттуу масс медиа канааттандырбай калганда, карапайым адамдар эмне кыла тургандыгы жөнүндө так аталышты издөө

**Виктор Юкечев*,**
Прессаны өнүктүрүү институту-Сибирь

**0-версия. Жарандык журналисттер – бул пилди иликтеген сокурлар**

Бүгүнкү күндө бири-бирине карата өтө деле тынч болбогон маанай байкалат (өзгөчө профессионалдык медиа-теоретиктердин чөйрөсүндө). Жарандардын медиа чөйрөсүндө “иш алып баруусун” мүнөздөгөн бир нече аныктамалар жана эвфемизмдер бар. Аларды коомдук, социалдык, жамааттык, коммунитардык, гуманитардык, долбоордук, рефлекстик, журналисттик катышуу, партисипатордук (!), жарандык, жада калса элдик деп аташат[1].

Эгерде мен азыр бул аталыштар мени өтө кызыктырбайт деп айтсам – мында мен жалгыз болбойм. Менин америкалык кесиптешим Марк Купер бул ойду мага чейин эле “Медиареволюция: журналисттик өндүрүштүн каражаттарын карапайым адамдар тартып алды” аттуу макаласында чагылдырган. (http://www.newjourn.com/material/7).

Андыктан экөөбүздүн тең оюбузду өз сөзүм менен айтып берейин. Бүгүнкү күндө мени журналистика деген эмне болгону көп кызыктырбаса да, мындан ары массалык коммуникация кантип өнүгөөрү, коомдук кызыкчылыктарга кантип кызмат өтөөрү, алардын жардамы менен өкмөт кантип көзөмөлдөнөөрү жана жамааттарда диалогдор кантип түзүлөөрү абдан тынчсыздандырат. Бул жерде журналисттин ролу эң башкы эмес. Бүгүнкү күндө санарип технологиялардын өнүгүшү менен ушул тапшырмаларды тиги же бул чөйрөдө эксперт болгон түрдүү индивиддер аткара алат. Бирок алар сөзсүз эле эксперт болушу мүмкүн эмес, алар жөн гана акылдуу адам болушу ыктымал. Акылдуу жана көп деле акылдуу эмес топтор болушу ыктмал. Социалдык тармактардан жана бейөкмөт уюмдардан чыккан маалыматтар гезит жана ТВдан берилген маалыматтардан айырмаланышы ыктымал. Чексиз адамдардын өз алдынча уюшкандыгы бардыгын өзгөртүшү ыктымал. Биз бул революциянын онунчу же он бешинчи жылдарын гана башыбыздан өткөрүп жтабыз, ал жаңы гана башталды... Бирок азыр (Марк Купер ушундай ойдо) саясатчылар коом алдында 20 жыл мурдагыга салыштырмалуу көбүрөөк жооптуу. Анткени адамдар көптөгөн документтерди жана сүрөттөрдү таап, аларды интернетте жайгаштырып, ага өз маалыматтарын кошууну өздөштүрүштү. Мунун бардыгын саясий институттар козөмөлдөй албай калды.

“Бирок бул журналистика эмес да!” деп сиз айтышыңыз мүмкүн жана албетте бул оюңуз туура. Бирок мен буга чейин эле айткандай мени (Марк Куперди дагы) XIX кылымда эле азыркы түрүндө түзүлүп калган салттуу профессионалдык журналистика өтө деле кызыктырбайт.

Бирок эми ушунун баарын эмне деп аташ керек? Кайсы бир жыйында орун алган талкуу маалында мен мындай деп айттым: “Мунун баарын кантип атаса болот? Бара-бара. Аты келет. Өзү эле”.

Менимче пилдин кандай экенин билип келүү үчүн сокур жамааттын атынан ошондой эле сокурлардын жолго чыкканы тууралуу окуяны баары эле билсе керек. Алардын ар бири пилди ар кайсы жагынан кармалай башташты. Алар кайтып келгенде адамдар пилдин көлөмүн жана формасын сурашты. Пилдин кулагын кармаган адам “Пил – бул чоң, кенен жана килемге окшоп бүдүр-бүдүрлүү экен” десе, анын мурдун кармаган киши “Пил бул түз, бош түтүккө окшош экен, ал коркунучтуу жана бир заматта талкалап таштайт” деп айтат. Пилдин буттарын жана таманын кармаган киши “Пил колоннага окшоп чоң жана күчтүү” деген экен. Булардын ар бири өзүнүн маалыматы ишенимдүү деп ойлошкон.

Бирок бул жомоктун дагы бир версиясы бар болгонун баары эле биле бербесе керек. Бир нече акылдуу, сокур пилдер адамдар эмнеге окшош деп талаша кетишет. Бир пикирге келе албай, өздөрү текшерип көрөйүн деп чечишет. Биринчи пил

---

[1] Е.С. Беломирскаяны караңыз. Жарандык журналистика: аныктамалар, түрлөр, функциялар.
* Автордун уруксаты менен басылууда. Юкечев В. П. Жергиликтүү масс-медиа үчүн жаңы концепция: сиздин жамаатта коммуникацияны жакшыртуу боюнча суроолорго 9 жооп, Новосибирск, Прессаны өнүктүрүү институту, Сибирь, 2010.

адамды кармалап көрүп, «адамдар жалпак» экен десе, башка акылдуу, сокур пилдер адамды кармалап көрүп, аны менен макул болушат.

Мунун баарын мен эмнеге айтып жатам? Марк Куперге окшоп мен дагы күн сайын башка бирөөлөр легитимдүү деп тапкан 6 легитимдүү булакка караганда электен өткөрүлбөгөн сансыз маалыматтарды алып тургум келет. Анда «сокурлардан» алынган маалымат канчалык ишенимдүү болот? Алардын баары (!) так болбосочу? Бул өтө олуттуу көйгөй жана биз бул тууралуу кийинчирээк сүйлөшөбүз (мисалы, Ground Reportтун тажрыйбасынын негизинде). Ал эми азырынча мен «жарандардын маалымат үйү» чөйрөсүн байкоону жана аны менен «кол тийгизбестен» кызматташууну сунуш кылам. «Кол тийгизбестен» дегеним – бул чабал чөйрөнү профессионалдык иликтөөчүлөрдүн орой инструменттери менен кармабоо керек. Бала чагыңызды эстесеңиз – талкаланган оюнчуктар кайра тирилбей калчу.

### 1-версия. Жарандык журналистика: «Биздин керектөөлөргө кайсы түс көбүрөөк төп келгенин чогуу көрөлү»

Жарандык (же элдик) журналистиканын өнүгүүсү интернет жана мобилдик байланыштын өнүгүүсү менен байланыштуу деген версия бар. Мун четке кагуу мүмкүн эмес. Бирок мен айрым эксперттердин жаңы технологиялар менен калыптанган жана коомдогу бардык баалуулуктарга таасирин тийгизген маалымат революциясы өзү адегенде техникалык эмес факторлор, анын ичинде социалдык жана маданий факторлор менен баратат деген оюна кошулам. Өз кезегинде айрым жарандар, уюмдар, улуттар маалымат технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн биргеликте колдонсо, социалдык жана маданий өзгөрүлөөр сөзсүз болот. Мен үчүн бул жерде өзөктүү сөз – биргеликте.

…Сиз билесизби, тармактык блогдун биринчи аналогу интернет өнүккөнгө чейин 300 жыл мурда пайда болгон. 1690-жылы 25-сентябрда Американын алгачкы көп беттүү гезити (4 барак!) Бостондо жарык көргөн. Бирок чындыгында ал үч бет болуп жарык көргөн (окурмандар өз пикирлерин жазып, аны башкаларга бериши үчүн акыркысы бош болуп чыккан). Бирок, тилекке каршы, 29-сентябрда эле бул алардын окуя тууралуу пикирлери редакциянын пикири менен дал келбегени үчүн губернатордун жана Массачусетс штатынын кеңеши тарабынан жабылган. Ал эми АКШ Конституциясынын 1-өзгөртүүсү, гезит орун ала турган интернет тууралуу эч ким билген эмес.

Муну мен эмне үчүн эстедим? «Жарандык журналистиканын» биринчи тажрыйбасы Шарлотто (Түндүк Каролина, АКШ) 1991-жылы, интернет медиа чөйрөдө жана «Шарлотт Обзервер» гезитинде дагы деле орун ала элек учурда болгон (бирок WWW стандарты CERN тарабынан 1991-жылдын май айында эле бекитилген). Блог чөйрөлөрү да, социалдык тармактар да жок, ал эми жарандык журналистика бар. Кандайча? «Шарлотт долбоору» тууралуу китептерде жазылгандай, жарандар шайлоо кампаниясы учурунда «бийликти өз колуна алды» деген канчалык чын?[2]

Ушундан улам биз, Прессаны өнүктүрүү институту-Сибирдин тренерлер тобу жана эксперттер 2010-жылы сентябрда IREX медиа-программасынын колдоосу менен АКШда стажировкада жүргөндө Шарлоттко барып, жеринде көрөлү деп чечтик. Бирок адегенде "Шарлотт долбоору"-1991ге байланыштуу өзөктүү маалыматтарды алууну чечтик. Муну силерге да сунуш кылабыз. Анткени бул китеп өтө аз санда чыгып, интернетте анын электрондук варианты ар кандай себептерден улам жок.

### «Шарлотт долбоору» - 1991: өзгөрүүлөр жана тоскоолдуктар тууралуу

«Шарлотт долбоорунун» маңызы тууралуу кыскача эсиңерге салып койсом. Пойнтер институтунун (The Poynter Institute) "Шарлотт Обзервер" (Charlotte Observer) гезити жана Шарлотт шаарындагы (Түндүк Каролина штаты) WSOC-TV телестанциясынын эки жылдык (1991-1992-ж.ж.) кызматташуусунун натыйжасында шайлоо кампаниясын чагылдырууда жаңы ыкмалар иштелип чыккан. Кабыл алынган стратегия жөнөкөй болчу:

- шайлоо программасынын негизги пункттарын талапкерлер эмес, шайлоочулар аныкташы керек;
- талапкерлер бул пункттардын аткарылышы боюнча жоопттуу;
- окурмандарды шайлоо кампаниясын чагылдыруу, талапкерлерди баалоо жана прессанын ишине тартуу.

Бул долбоордун натыйжасы кандай болгонун жарандар жана журналисттер үчүн жазылган И.М.Дзялошинскийдин «Кошо аралашуу журналистикасы. ММКны адамдарга кантип пайдалуу кылса болот» китебинен окусаңар болот. Мен болсо силерге бул китепте 1993-жылы эле бекитилген айрым фундаменталдык жыйынтыктарын сунуш кылам. Булар 16 жылдан кийин гана, биздин колубузга жарандар менен журналисттердин кызматташуусун жөнөкөй жана эффективдүү кылган ыңгайлуу санарип интернет технологиялары тийгенден кийин гана түшүнүктүү болду. Эмесе «Шарлотт долбоору» аттуу эски китептен бир нече үзүндүлөр.

«Р.Маккена өңдүү менеджмент тармагында-

---

[2] Марк Купер, Лос-Анжелестеги гуманитардык иликтөөлөр институтунун илимий кызматкери, Американын сценаристтер Гильдиясынын ардактуу мүчөсү. Учурда The Nation журналынын редактору, LosAngeles Weekly гезитинин баяндамачысы, Huffington Post гезитинин атайын кабарчысы, Off The Bus Project аттуу өзүнүн компаниясынын редакциялык директору (www.offthebus.net).

гы белгилүү адистер муну мотивациядан рынокко өтүү деп атамак. Авто өндүрүшү менен салыштыра келгенде ал сатуу каалоосун аныктайт. «Биз сизге түрдүү түстөгү унааны сунуш кылабыз, ал кара болсо эле болду» деген афоризм өңдүү. Керектөөчүлөрдүн талаптарына багытталган стратегияда окшош кырдаалда «кайсы түстөгү унааны каалайсыз?» деп сурашат. Рынокко багытталган учурда керектөөчүлөрдөн «сиздин талаптарыңызга кайсы түс көбүрөөк жооп берерин чогуу көрөлү» деп сунуш кылышат.

«(Мисалы, шайлоо - ВЮ) кампаниясын чагылдыруу окурмандарга багытталышы үчүн редакциянын ички байланыштарын өзгөртүү зарыл эле. Мында долбоордун башына бөлүмдөр ортосундагы чектерди жок кылган, алардын биргелешип иштөөсүн координациялаган күчтүү жетекчини коюш керек болчу. <…>. Бирок эң негизгиси - окурмандарга карата мамиле өзгөрүп, анын натыйжасында окурмандар кардар эмес, өнөктөш болуп чыга келиши керек эле.

“<…> Алар (журналисттер - ВЮ) өмүр бою драматикалык өзгөрүүлөрдү – ыңкылап, согуштар, митингдер, маданияттагы төңкөрүштөрдү чагылдырып келгени менен, так эле ушундай дем менен өз уюмундагы өзгөрүүлөргө каршы болуп келишет”.

Мына эми башкы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен жолго чыксак болот: Шарлотт-2009га! Жана ошентип, биз, бүгүнкү америкалык “жарандык журналистика” деген эмне экенин билебиз.

Бирок Шарлоттко бараткан жолдо дагы бир жерде токтошубуз керек: Кентукки университети. Бул жерде биз АКШнын жарандык журналистикасынын алгачкы пионери менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүн алабыз.

## 2-версия. Жарандык журналистика – бул баарлашуу

Биздин маектешибиз –биз менен баарлашуу үчүн кошуна Кентукки штатына атайын келген Майами университетинин (Огайо штаты) профессору Эд Арноун (Edward Arnone). Биздин маегибиздин темасы бара-бара мындайча түзүлдү: “Журналистикадагы эң мыкты нерсе – бул баарлашуу”. Эч кандай өзгөртүүлөргө дуушар болбогон анын ойлорунан үзүндүлөр төмөндө келтирилген.

### Жарандык журналистика — бул сервистер эмес, бул философия

Жарандык журналистика тууралуу сөз кылганда биз Public Journalism концепциясынын автору, Колумбия университетинин журналистика профессору Джеймс Кэринин (James Carey) аты аталат. Мен аны менен тааныш болчум. Анын өмүрү “Журналистика – бул...” деген сөздү бүтүрүүгө арналды. Ал бул сөздү ар түрдүү варианттар менен бүтүрө алмак. Өлөөр алдында мага жаккан эң жөнөкөй аныктаманы берди: “Журналистикадагы эң мыкты нерсе – бул баарлашуу”. Чындыгында эле ушундай. Өзүбүз тууралуу кандай гана жогорку пикирде болбойлу, биз баарыбыз баарлашууда теңбиз. Өсөбүз, бул баарлашууга кошулабыз, анан өлөбүз. Бул баарлашуу бизсиз өтөт. Биздин, журналисттердин, иши – бул баарлашууга кошулуу жана проблеманы жарандар айткандай жеткирүү.

Менимче “жарандык журналистика” тууралуу сөз болгондо биздин көп кесиптештерибиз аны адамдарды өздөрү үчүн репортаж жасоо ыкмасы катары түшүнүшөт. Мына ушуну АКШда жарандык журналистика деп аташат. Бул канчалык орой угулбасын, бирок бир топ масс-медиалар ушундай жол менен көбүрөөк маалымат, же булактарды таап бере ала турган адамдардын бекер, кошумча ресурсун алышууда.

Биздин өлкөдө журналистикада эмнеге ишениш керек жана ишенбеш керек, кайсы маалымат ишенимдүү, кайсыга ишенбеш керек дегендин айланасында олуттуу талкуу жүрүүдө. Критерийлер, стандарттар, чындыкка жетүү аракети – бир болуш керек.

Бирок эмне үчүн ортодо 20 жыл өтсө да биз “жарандык журналистика” деген терминди көп ишенимдүү колдоно албай жатабыз? Мунун себеби – бул жарандардан кошумча бекер ресурс алуу аракети ушундай бир зона болгон үчүн… Жеке мен “жарандык” же “коомдук” журналистика дегендин ордуна “журналистиканын сүйлөшүү модели” деп айткым келет. Эң жакшысы – үч тепкичтүү модели. Эгерде мындай болсо, анда биз өз ишибизди аткарып жатабыз. Биздин баамыбызда, бул нормалдуу салттык журналистика, ал эми башкасы жолунан адашты.

Узак жылдар бою кийин “жарандык, элдик” деп аталып калган журналистикадагы реформа ишине тартылгандардын көбү биз жасап жаткан ишке аныктама берүүдөн сылык эле баш тартып койчу. Адегенде биздин максаттарга жана этикалык принциптерге төп келиши үчүн биздин журналисттик практикабызды жана көнүмүш адаттарыбызды жакшыртуу тууралуу сөздөр болду. Өзгөчө, коомдо болуп жаткандар тууралуу журналисттик окуяга байланыштуу бөлүгү. Кийин дүйнө жүзүндөгү редакциялар “элдик журналистика кыймылында” жүздөгөн эксперименттерди өткөргөндөн кийин да, буга эч ким аныктама бере алган да жок, аракет да жасаган жок. Бирок башынан эле биз эмне үчүн биз бул чөйрөдө эксперимент жүргүзүп жатканыбызды талкуулап, биздин мотивация жана принциптерибиз тууралуу сүйлөшкөнүбүз маанилүү. Анткени сындардын көбү элдик журналистика дегенде эмне түшүнгөнүбүз тууралуу жаңылыш пикирлерден улам чыгууда.

Төмөндө айтыла турган принциптер менин өлкөдөгү жана дүйнөдөгү абройлуу журналисттер менен 30 жылдык жеке тажрыйбама негизделген. Дал ушул принциптерди мен “элдик”, же “жарандык” журналистика терминине байлайм (же байлабайм).

Элдик журналистика төмөнкү принциптерге негизделген деп эсептейбиз:

- Адамдарды "продуктту" керектөөчү катары эмес, адегенде жаран катары кабыл алуу.
- Проблеманы жалпыга түшүнүктүү терминдер (эксперттик, институционалдык, идеологиялык эмес) менен жеткирүү. Жарандар бул кырдаалды кантип талкуулоону каа-ларын билүү үчүн бардык мүмкүн болгон жолдорду колдон.
- Демократиялык коомдогу маалымат уюмунун маанилүү жана артыкчылыктуу тапшырмасы – түз жана кыйыр мааниде коомдук чөйрө түзүү экендигин эстен чыгарбоо. Бул чөйрөдө жамаат (коом) маанилүү окуяларды түшүнүп, кайсы жол менен бараарын чечиши керек. Бул репортердук ишинин сапатын жогорулатуудан тышкары, журналисттин коомдук турмуштун өнүгүүсүнө жардам бере ала турган дагы бир жолу.
- Жаңылыктарды, окуяларды "жарандык" көз караштан берүү. Бул демек бериле турган бир гана суроону башында сактоо: "Буга байланыштуу биз эмне кыла алабыз?". Кээде журналисттер өзүнө окурмандардын суроолорун берет: "Буга байланыштуу мен эмне кыла алам?", же "Бул мага кандай таасирин тийгизет?", Бул жакшы, бирок жетиштүү эмес. Биз окурмандарды, угармандарды, көрүүчүлөрдү чындап ойгото турган башка суроолорду беришибиз керек.

Биз өкмөттү "кандайдыр бир башка адамдар", көпчүлүктөн айырмаланган бирөө деп элестетүү менен демократиялык коомдо баары үчүн аткаминерлер жооптуу деп, коомдук маселелерди башкаруу жана чечүүнү туура эмес түшүнүп жатабыз. Чындыгында, социалдык кандайдыр бир маселени чечүүдө, жетишилген прогресстин олуттуу бөлүгү өкмөттүн сыртында түзүлөт. Ал, аталган конкреттүү жагдайдагы маселени талкуулаган, биргелешип чечкен, жана чечимдердин негизинде иш алып барган адамдар жана топтор арабынан түзүлөт.

Элдик же жарандык эмес журналистика деп биз эмнени эсептебейбиз:

- "Кароолчу ит" жана "төртүнчү бийлик" ролун аткарууда четте болуу же чектөө. "Элдик журналистикада" журналисттерди чектеген квалификациялуу иликтөөчү болууга тоскоолдук жасай турган эч нерсе жок. Негизинен, мен айтайын дегеним, элдик журналистика кайсы жерде иликтеш керектигин билүүгө жардам берет.
- Фактыларды чын, ар тараптуу, акыйкат берүү өңдүү журналистикалык этика жана стандарттардын принциптеринин бузулушу.
- Кимдир бирөөнүн көз карашын чагылдыруу же башкаларды үгүттөө. Чындыгында биз муну айтабыз – тең салмактуу чечимди кабыл алуу үчүн жамаатка шарт түзүп бериңиз. Мындай учурда жаңылык уюму бул багыт менен макул болбошу мүмкүн.
- Саясий күн тартибин түрткүлөгөн журналистика. Биз алдын ала жазылган жооптор, чечимдер жана жамаат үчүн багытталган аракеттер тууралуу айтпайбыз. Биз жарандарга бул жамааттагы баалуулуктарга негизделген чечимдерди кабыл алууга жардам берүү тууралуу айтып жатабыз.
- Окуяны кандай чагылдыруу керектигин көрсөткөн сурамжылоо жана фокус-топторду өткөрүү.
- Журналисттердин жаңылыктардын маанисин аныктоо жоопкерчилигинен баш тартуусу. Сиздин жамаатты же социумду активдүү түшүнүүгө негизделген болсо талапка ылайык болмок.
- "Жөн гана уккан жеңил" (бул элдик журналистикадагыларга карасантайлык жана олуттуу түшүнбөстүк). Мындай деп айтуу менен сиз ошол идеянын өзүн жок кылып жатасыз.
- Ири жана кымбат долбоорлор кызматкерлердин көп убактысын жана башка ресурстарын тартып алууда. Иш жүзүндө биз адамдар кантип жашап жатканы тууралуу күн сайын чын чагылдырууга аракет жасоо боюнча иштер тууралуу айтып жатабыз. ММК долбоорлор жолун тандап алса болот, же ири материалдарды талап кылган окуяларды чагылдыруудан баш тартса болот. Бирок сиз тандаган "аспаптардын" айырмасы жок. Айырма – чоң болобу, кичине болобу ар кандай окуяга карата "элдик журналисттин" ой жүгүртүүсүнүн белгилүү бир ыкмасында.

Кылдаат болуңуз. Сиз колдонгон инструменттерди элдик журналистика идеясына теңебеңиз. Бул технологиялар коомдук көйгөйлөр тууралуу репортажыңызды дагы көбүрөөк жарандык кылуу аракетиңизге жардам берет. Бирок алар элдик журналистиканын негизин аныктабайт. Айрым технологиялар сиз жасаганга төп келиши мүмкүн, айрымдар андай болбой калат. Элдик журналистиканы инфографика, суроо-жооп блогу, адамдын досьеси, же башка журналисттик форматтар катары чечмелөөнүн кажети жок. Сиз колдонгон инструменттер сиз куруп жаткан нерсеге тең келбейт.

Ушундан улам төмөндөгү тизмедеги кайсы бирине элдик журналистиканы киргизүү жаңылыштык болот:

- Медианын катышуусу менен өнөктөштүк
- Ири долбоорлор
- Жарандык форумдар жана жолугуушулар
- Жарандык "сүйлөгөн баштар"
- Тандалган кызматтарга талапкерлерге жана аткаминерлерге жарандардын суроолору
- Блогдор, онлайн-форумдар жана

комментарийлөөнүн башка формалары

Кайталайм, биздин журналисттик көнүмүш адаттарыбыз, рефлекстерибиз жана практикабыз "элдик", же "жарандык" болушу үчүн аракет жасап жатабыз – биз мамилени өзгөртүп жатабыз. Бул сиздин күнүмдүк ишиңизге жол, ой жүгүртүү ыкмасы. Аларды журналисттер максатына жетүү үчүн колдонгон функциялар, техникалар, инструменттер, жабдуулар менен аралаштырбаңыз.

### 3-версия. Жарандык журналистика – бул колдонуучуну эксплуатациялоо

Мына ошентип биз Шарлоттко жеттик. Кесиптештерибиз айтып берген биринчи окуя "Шарлотт Обзервер" гезитинин журналисттери 2007-жылы жүргүзгөн өтө чуулгандуу иликтөө. Бирок биз жарандык журналистиканын тажрыйбалары менен таанышуу үчүн келдик да! "Шашпагыла" деп америкалык кесиптештер тынчтандырып, окуяны айтып беришти. Эки жыл мурда АКШдагы ири кайрымдуулук уюмдардын бири болгон United Way уюмунун аймактагы өкүлчүлүгү шылуунчулук менен байланышкан деген шектенүү пайда болгон жана журналисттер муну иликтөөнү чечишкен. Фактылар тастыкталган. Редакция бир нече материалдарды чыгарып, күнөөлүүлөр жазаланган. Бирок күтүүсүз бир окуя болду: Түндүк Каролинанын калкы штаттагы ЭЧ БИР кайрымдуулук уюмга ишенбей калды. Алардын акчасын кимдир бирөөлөр өз чөнтөгүнө колдонуп жатканын билген адамдар кайсы бир кайрымдуулук фондго акча которуудан баш тартышты. "Бирок кайрымдуулукка муктаж болгон адамдар жоголгон жок да, - дейт гезиттин башкы редактору Рик Теймз. – Үйү, тамак-ашы жок адамдар көп эле. Иликтөөнүн жүрүшүндө бул маселени чечүү жоопкерчилиги бизге жүктөлгөнүн сездик".

Ушундан улам гезит кайрымдуулук фонддордун жана коомдук уюмдардын атын калыбына келтирүү милдетин алды. Бирок кантип? Фонд тууралуу үгүт макала жаза албайсың да. Ушундан улам "Шарлотт Обзервер" сайтында маалымат базасы түзүлдү. Анда ачкыч сөз менен сиз жардам бергиңиз келген уюмду тандайсыз. Мисалы, сизде бирөөгө бергиңиз келген компьютер бар дейли. Сиз "компьютер" деген сөздү тересиз жана компьютерге муктаж болгон уюмдардын тизмеси чыгат. Адамдар эми тиги же бул уюмга акча менен гана эмес, өзү каалаган жол менен жардам берүү мүмкүнчүлүгүн алышты. Ошентип "Шарлотт: миссия максатына жетет" аттуу жаңы долбоор жаралды. Гезиттин редакциясы адамдар менен кайрымдуулук уюмдар ортосунда көпүрө болуп калды.

Сиз байкадыңыз беле, кайсы бир маселе тууралуу олуттуу ойлонуп жатканда өнөктөштөр күтүлбөгөн жактан пайда болот? "Шарлотт Обзервер" гезитинде да ушундай болду. Алар көп жылдар бою PBS Television каналы үчүн Everyday Eddissons деп аталган берүүнү даярдаган Everyday Eddissons деп аталган инновациялык компания менен иштешип келген. Бул берүүнүн маңызы – "мээлер үчүн траст фондуларын" түзүү. Бул бизнес үчүн ИДЕЯЛАР компаниясы. Мына ошондо жарандар менен кайрымдуулук уюмдар ортосундагы көпүрө миссиясын талкуулап жатып, гезит жана Everyday Eddissons бирин-бири биринчи жолу көргөндөй болду. Гезитте иштегендер "эдиссондорго" идеяларды фильтрациялоо үчүн программалык камсыздандырууну өз долбоорунда колдонуп, жарандык көйгөйлөрдү чечүүнүн биргелешип иштөөнү сунуш кылышты. "Алар буга чейин мындай иштерди акча үчүн гана аткарып келишкен, бирок алардын аткаруучу директору жарандык туруму бар адам болгондуктан системаны коомдогу көйгөйлөрдү чечүүгө колдонуу мүмкүнчүлүгүнө кызыгып калды. Буга чейин ал бул тууралуу көп деле ойлонгон эмес. Бирок биздин долбоор тууралуу угаар замат: "Балким чын эле мен жасаган ишти коомдук көйгөйлөрдү чечүүгө жумшоо үчүн ыкма бардыр. Себеби бул инструмент маселени чечүү үчүн адамдарды бириктирүүгө чакырат да" деди. Бул бизге көп акчаны жана убакытты үнөмдөөгө жардам берди. Натыйжада биз 350 идеяны алдык: өтө күлкүлүүдөн баштап, АКШнын Салык кодексин өзгөртүү өңдүү идеялар болду", - дейт гезиттин башкы редакторунун орун басары Шерил Карпентер.

Эгерде сиз буга чейин эч качан краудсорсинг (негизинен интернет аркылуу тиги же бул компаниядагы көйгөйдү иликтөө жана чечүү үчүн профессионал эместерди тартуу) тууралуу укпасаңыз анда билип алыңыз: "Шарлотт Обзервер", PBS телекомпаниясы жана Everyday Eddissons компаниясынын биргелешкен мультимедиялык долбоору – бул краудсорсинг. Же башкача айтканда колдонуучуну эксплуатациялоо. Макул, түз маанисинде колдонуу эмес, анткени бардык нерсе өз ыктыяры менен, ИДЕЯ үчүн жасалып жатат да. Бирок ушундан улам эле долбоордун социалдык мааниси эч эле азайып кеткен жок да, тураабы?

«Шарлотт: миссия максатына жетет» долбоору менен 90-жылдардын башындагы "Шарлотт долбоорун" эмне бириктирет? – деп сурады Рик Теймз жана өзү эле жооп берди: - Эки долбоор тең жарандарды алар үчүн маанилүү болгон маселелерди талкуулоого жана чечим издөө процессине активдүү катышууга түрттү".

Биз Шарлоттон кетээр алдында Эд Арноун айткандай, технологиялар, же инструменттер чындап эле ар кандай болду: 90-жылдардын башында негизинен блокноттор жана диктофондор болсо, бүгүн – интернет жана компьютердик программалар.

**Уландысын "Муниципалитет" журналынын кийинки санында окуңуз**